**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ**
**Окуу-маалымат борбору**



**Абылкасымова М.**
**Исманкулова А.Т.**
**Саякбаева А.Б.**

# Кыргызча сүйлөгүм келет

# хочу говорить по-кыргызски

**I бөлүм**

**БИШКЕК 2013**

Авторы: *Абылкасымова М.А.*
*Исманкулова А.Т.*
*Саякбаева А.Б.*

# «Кыргызча сүйлөгүм келет»
# «Хочу говорить по-кыргызски»

Редколлегия

Главный редактор

Учебник предназначен для лиц, изучающих кыргызский язык. Цель учебника помочь овладеть навыками разговорной речи и письма кыргызского языка с помощью преподавателя.

©*Абылкасымова М.А.*
*Исманкулова А.Т.*
*Саякбаева А.Б.*

©КР Президентине караштуу Мамлекеттик
тил боюнча улуттук комиссия

*

## ПРЕДИСЛОВИЕ

Учебник предназначен для обучения кыргызскому языку широкого круга обучающихся лиц, которые учатся говорить на кыргызском языке. В нем дается краткое сведение о вводно-фонетическом курсе, где фонетика закрепляется и практикуется на каждом уроке в упражнениях.

Цель учебника – помочь обучающемуся овладеть и активизировать тот языковой материал, который употребляется в устной разговорной речи, также расширить лексический, словарный запас обучаемого.

Материал в учебнике дан по определенной теме в виде уроков, где каждый урок начинается с диалога и активизируется лексикой и грамматическими заданиями для данной темы. В конце последнего урока каждой темы дан дополнительный материал для самостоятельной работы.

Все виды упражнений предназначены для выполнения в письменной и устной форме, направлены на выработку умения высказывать свое мнение, вести диалог, умение ориентироваться в ситуации.

Учебник может быть использован молодыми преподавателями, работающими в школах, в институтах, также для обучения туристов, пребывающих в нашей стране некоторое время. Некоторые разделы учебника в виде методических указаний апробированы в КГТУ им. И.Раззакова и КТМУ в студенческих группах, где имеют желаемый результат. Авторы ждут Ваших замечаний и желают Вам успеха в изучении кыргызского языка.

# МАЗМУНУ

# СОДЕРЖАНИЕ


1. Кыргыз адабий тилинин калыптанышы.
   История происхождения кыргызского языка.

2. Фонетика
   Фонетика

3. Кириш сөз
   Вводный курс

4. Саламдашуу. Коштошуу.
   Приветствие. Прощание.

5. Күн тартип
   Режим дня

6. Үй-бүлө
   Семья


7. Кыргызстан боюнча саякат
   Путешествие по Кыргызстану

# ВВОДНО-ФОНЕТИЧЕСКИЙ КУРС

Кыргызский народ является одним из древнейших народов, населяющих Центральную и Среднюю Азию. В силу ряда исторических причин, кыргызы в отдельные периоды находились в зависимости от феодальных государств, которые не могли не оказать своего влияния на их культуру, быт, общественные отношения и язык. Начиная изучать кыргызский язык, мы должны обратить внимание, что по своим структурным особенностям русский и кыргызский языки относятся к разным системам. Русский язык относится к флективной системе языка, т.е. способ присоединения аффиксов к основе или корню происходит путем тесного сплетения, где может измениться только конечный звук. Например: лес – лесной – лесник; вода – водяной – водный – водянистый. Тогда как кыргызский язык относится к агглютинативной системе языка, т.е. в кыргызском языке все аффиксы присоединяются к корню механическим путем, причем корень слова никогда не теряет самостоятельность, а каждое новое присоединение аффиксов образует новое слово. Например: жол – жолук – жолдуу - жолдош –жолобо – жоолук.



Интересную историю прошла кыргызская письменность. С 1924 по 1927 год кыргызский алфавит был составлен на основе арабского алфавита ( рис.1). С 1928 года алфавит был основан на латинской графике (рис.2), в 1929 году прошел переработку (рис.3), в 1940 году алфавит был еще раз унифицирован (рис.4), и только в 1941 году был составлен на основе русского алфавита (рис.5)



Современный кыргызский алфавит, построенный на основе русского, состоит из 36 букв. Он включает весь русский алфавит с добавлением букв **Ө, Ү, Ң**, которые обозначают звуки, отсутствующие в русской речи.

**Кыргыз алфавити**

| | | |
|---|---|---|
| Аа | Лл | Фф* |
| Бб | Мм | Хх |
| Вв | Нн | Цц* |
| Гг | Ңң | Чч |
| Дд | Оо | Шш |
| Ее | Өө | Щщ* |
| Ёё | Пп | Ъъ* |
| Жж | Рр | Ыы |
| Зз | Сс | Ьь* |
| Ии | Тт | Ээ |
| Йй | Уу | Юю |
| Кк | Үү | Яя |

Знаком * отмечены буквы, использующиеся только в заимствованных словах.

Кыргызский язык – язык кыргызов, основного коренного населения Кыргызстана, является государственным языком, который распространен по всей территории республики, а также за ее пределами. По своей классификации кыргызский язык относится к тюркской группе языков.

В современном кыргызском языке 39 звуков: гласных звуков – 14, согласных звуков – 25.

8 кратких гласных – ( а, е, о, ө, ы, и, у, ү )

6 долгих гласных – (аа, ээ, оо, өө, уу, үү )

12 звонких согласных – (м, н, ң, р, й, л,б, в, г, д, з, ж )

8 глухих согласных – (п, ф, с, ш, ч, х, к, т)

## 1.ОСОБЕННОСТИ ПРОИЗНОШЕНИЯ ГЛАСНЫХ ЗВУКОВ

**а)** Все гласные в кыргызском языке пишутся так, как произносятся.

| Кыргызский вариант: | Русский вариант: |
|---|---|
| молдо | молоко |
| торпок | тороплюсь |
| болот | болото |





**б)** Буква «Е» пишется в середине и в конце слова, после согласных она звучит как «Э».

Терезе [тэрэзэ] мектеп [мэктэп],





после гласных она звучит как «йе»

Тиет [тийет], киет [кийет], соёт [сойот], коёт [койот].

**в)** Буква «Э» пишется только в начале слова, но звучит как звук «Е»

Эне [ене] эже [еже] эки [еки]






**г)** Буква «Ө» в середине слова звучит как «Ё»

Көл [кёл] | көчө [кёчё] | көпүрө [кёпүрё]





**д)** Буква «Ү» в середине слова звучит как «Ю»

Күл [кюл] | гүл [гюл] | күн [кюн],





**ж)** Долгие гласные читаются как отдельные смыслоразличительные звуки

| Кыргызский вариант: | Русский вариант: |
|---|---|
| жоолук | воодушевленный |
| суу | вооружение |
| ден соолук | воображение |
| тоо | колосообразный |

**з)** Особое значение в кыргызском языке – это деление гласных на определенные группы, которые зависят от участия или не участия губ при произношении гласных на губные и негубные

| | | |
|---|---|---|
| твердые негубные | - | **а, аа, ы** |
| мягкие негубные | - | **е, ээ, и** |
| твердые губные | - | **о, оо, у, уу** |
| мягкие губные | - | **ө, өө, ү, үү** |

При изменении или образовании новых слов, гласные должны быть только из одной группы, этот закон постоянства звуков называется законом созвучия гласных или законом сингармонизма гласных.

| | |
|---|---|
| **А/Ы** | апанын, баланын, шаардын, Аскардын, аганын |
| **О/У** | колдун, тоонун, короонун, тогуздун, топтун |
| **Э/И** | эженин, келиндин, жеңенин, сегиздин, ининин |
| **Ө/Ү** | көлдүн, өмүрдүн, төөнүн, чөптүн, төрттүн |

Другими словами, небный и губной сингармонизм базируются на активном уподоблении гласных и согласных звуков аффикса корневым. Все это составляет сложную систему чередования звуков в составе слова. Закон сингармонизма в кыргызском языке нарушается в заимствованных словах.

Например: институт, университет, мугалим, мамлекет, бухгалтер, телевизор.

## 2. ОСОБЕННОСТИ ПРОИЗНОШЕНИЯ СОГЛАСНЫХ ЗВУКОВ.

**а)** Звуки «К» и «Г» имеют два варианта произношений

| «К»,«Г» русский звук | «К»,«Г» увулярный звук |
|---|---|
| Перед буквами **е, и, ө, ү – «к»** произносится как русское «к», но более мягкий и глухой:<br>Китеп, килем, кемер, кел, көл, күл. | перед буквами **а, о, у, ы – «к»** произносится как заднеязычный увулярный звук «к»:<br>кара, кат, кыш, кол, кул, конок, кырк. |

Кк 

Кызык, кызыл, казак, акын, ак көк, өкмөт, мүлк, ким, кум

Гг 

Ага, сага, Сырга, мугалим эгин, гүл, бүгүн, илгич, мерген

Жж 

б) Звук «Ж» имеет два варианта.

| | |
|---|---|
| «Ж» русск. Звук, встречаются только взаимствованных словах | «Ж» смычный звук |
| Журнал, кружок, Женя, журавль, абажур, этажерка. | Журт, жок, жеңиш, Жусуев. |

**ЗАПОМНИТЕ:** Звук «Ж» нельзя читать как смягчающий звук «ДЖ», в связи с этим все кыргызские фамилии, начинающиеся на «Ж» обрели неверное звучание: Жолдошев–Джолдошев, Жамгырчыев–Джамгырчыев, Жетигенов–Джетигенов, Жусуев – Джусуев, Жоробеков – Джоробеков, Жаныбеков – Джаныбеков.

Жылан, жаша, жол, манжа, тажа, жөжө, жаман, жакшы, жатта.

в) Буква «Л» тоже имеет два варианта, с мягкими гласными произносится как с мягким знаком, как в русском языке произношение слов: ( Асоль, моль, соль), с твердыми гласными произносится твердо как в русском языке произношение слов:( пол, мол, кол)

| «Л» с мягкими гласными | «Л» с твердыми гласными |
|---|---|
| Кел, көл, күл, бөлмө, гүл, келечек | кол, кал, жол, мол, сал, жал, кул |

**3. ЗАПОМНИТЕ!**

а) Ударение в кыргызских словах падает на последний слог.

Например: апá атá эжé инú бакыт карындáш кечé кечээ

эки уч үч кел көчө машине Кадыр бала

б) Мягкий (ь) и твердый (ъ) знаки встречаются только взаимствованных словах.

Например: объявление, объект, объяснение, объектив, область

в) В предложении сказуемое всегда стоит на последнем месте.

Например: Мен университетте <u>окуймун</u>. Мен Бишкекте <u>жашаймын</u>.

Биз саякатка <u>бардык</u>. Алар Ысык-Көлдө <u>эс алышты</u>.

Менин досум Нарындан <u>келди</u>.

г) Определение всегда стоит перед определяемым словом.

Например: Кызыл жоолук апама жарашат.  Бул кооз үйдө Айгүл жашайт.

Кыргызстан тоолуу өлкө. Биздин топтогу кыздар жакшы окушат.

д) Категория рода в кыргызском языке отсутствует.

Например: Алар Америкадан келишти.  Ал күндүз окуйт, кечинде иштейт.

Анын аты ким?  Ал жакшы ырдайт жана бийлейт.

ж) Прилагательные не согласуются с существительными ни в числе, ни в падеже.

| | |
|---|---|
| Например: Жакшы китеп. | Чоң үй. |
| Жакшы китепте. | Чоң үйдө. |
| Жакшы китептер. | Чоң үйлөр. |

# I.

# Саламдашуу. Коштошуу.
# Приветствие. Прощание.



## КИРИШ СӨЗ

Орто Азиядагы мусулман калктары арасында саламдашуу этикеттери абдан айырмаланган. Мисалы «сен» деген сөз тектүү адамдар, байлар тараптан кедейлерге (жупуну адамдарга) же малга карата айтылчу, ошондуктан ар бир үй-бүлөөдө, улуу-кичүүгө карабай «сиз» деп айтылчу. Мындай сүйлөө этикеттери азыркы мезгилде да Түштүк кыргыз элинин арасында байкалат.
Бир катар тарыхый себептердин негизинде кыргыздар көп жыл бою ар кайсы феодалдык өлкөлөргө көз каранды болуп, басылып келген. Ошол себептен кыргыз элинин маданияты, тили, социалдык сферасы, коомдук мамилеси аргасыздан өзгөрүлгөн, сүйлөө жана сүйлөшүүнүн ар түрдүү этикеттери пайда болгон. Биз буларды тийиштүү кырдаалдарга туура колдонууну билишибиз зарыл. Азыркы мезгилде КОШТОШУУ, САЛАМДАШУУ этикеттери ар кандай жана ар түрдүү кырдаалдарда айтылат. Мисалы, «салам» деген сөздү биз жакын же теңтуш досторго айта алабыз. Таанып-баган кишиге, же улгайган адамга карата «салам» деп айтуу одонолукка жатат.

«САЛАМДАШУУ, КОШТОШУУ» бөлүгүндө сиздерди таанышуу мезгилинде речте кандай сүйлөө этикеттерин колдонууну үйрөтүүгө аракет кылабыз. Ишиңер илгери болсун.

## ПРЕДИСЛОВИЕ

У народов Средней Азии, среди мусульман, строго разграничивались формы приветствия. Обращение на «Ты – Сен» использовались высокородными лицами при обращении к низшим слоям или к животным, и, поэтому, в семьях и в быту независимо от возраста обращались на «Вы – Сиз». Эта форма обращения до сих пор сохранилась в Южной части Кыргызстана.

В силу ряда исторических причин кыргызы долгий период находились в зависимости от феодальных государств, которые не могли не оказать своего влияния на их культуру, язык, быт и общественные отношения, и поэтому появились разные формы речевого этикета, которые мы должны уметь правильно использовать в различных ситуациях. Надо знать, например, что слово «салам» прозвучит не вежливо по отношению к незнакомым или к старшим по возразту лицам, с этим словом мы можем обратиться только к друзьям или близким родственникам.

В разделе САЛАМДАШУУ. КОШТОШУУ мы попытаемся научить Вас правильно употреблять этикетные фразы и обороты при знакомстве. Успехов Вам!

| БИРИНЧИ САБАК<br>1 (бир) | ПЕРВЫЙ УРОК<br>1 (один) |
|---|---|

**ТЕМА: САЛАМДАШУУ — ПРИВЕТСТВИЕ**

**КОШТОШУУ — ПРОЩАНИЕ**

«Сиз « деген сылык сөз
«Сен» деген сенек сөз

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ

= Уметь различать национальные особенности приветствий и прощаний;

= Уметь правильно употреблять речевой этикет при приветствии;

= Уметь представить себя, знакомых, друзей с посредником и без посредника;

= Уметь справиться о самочувствии.

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ

*ГРАММАТИКА*

= Алфавит

= Зат атооч – Имя существительное

= **бы** суроо мүчөсү – Вопросительная частица-**бы**

**1. Фонетикалык көнүгүү**

# Кк (кы)

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла

**[к] –** а, о, у, ы

| | |
|---|---|
| а | кат |
| о | кол |
| у | кул |
| ы | кыш |

**к –** е, и, ө, ү

| | |
|---|---|
| е | кел |
| и | кир |
| ө | көр |
| ү | күл |

| КА | КЫ | КО | КУ | КЕ | КИ | КӨ | КҮ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кат | кыш | кол | кул | кел | кир | көр | күл |
| кач | кыр | кон | кур | кен | кий | көл | күн |
| кар | кыз | конок | кумар | келин | килем | көтөр | күз |
| кара | кыйын | короз | кулак | кемер | кирпи | көмүр | күрөк |

# Гг (гы)

**[г] –** а, о, у, ы

**г –** е, и, ө, ү

| ГА | ГЫ | ГО | ГУ | ГЕ | ГИ | ГӨ | ГҮ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| сага | алгыр | тоого | тогуз | кимге | сегиз | көлгө | өгүз |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тамга | сагыз | тойго | бугу | сизге | Илгиз | төлгө | гүлгө |
| карга | чалгы | токойго | Токтогул | энеге | киргиз | бөлөгө | күзгү |
| камгак | кыргыз | короого | Сарыгул | кемеге | кийгиз | бөлмөгө | сүлгү |

## 2. Жаңы сөздөр

**2. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | |
|---|---|
| - Салам! | - Привет! |
| - Кандай (сың), (сыз)? | - Как дела? |
| - Сен кандайсың? | - А как твои дела? |
| - Иштериң кандай? | - Как дела? |
| - Жакшы (жакшы эле) | - Хорошо (нормально) |
| - Өзүң кандайсың? | - А как у тебя? |
| - Жаман эмес | - Не плохо |
| - Кыбыр-сыбыр | - Так себе |
| - Алынча | - Пойдет |
| - Ыракмат | - Спасибо |
| - Таанышып алалы | - Давай знакомиться |
| - Кош, болуптур эмесе | - Пока |
| - Жакшы бар | - До свидания |
| - Жакшы кал | - Счастливо оставаться |
| - Таанышканыма кубанычтамын | - Рад знакомству |

## 3. Диалогдор




**3. Тапшырма**. Уккула, окугула

- Таанышып алалы, менин атым Самат, сенин атың ким?
- Менин атым Элиза
- Таанышканыма кубанычтамын
- Мен дагы

- Салам Айша! Кандайсың?
- Салам Марат, жакшы, өзүң кандайсың?
- Ыракмат, алынча.

- Кандайсың Элиза, иштериң жакшыбы?
- Ыракмат, өзүң кандайсың?
- Жаман эмес, баары жайында
- Жакшы кал.
- Көрүшкөнчө!



## 4. Грамматика

Зат атооч в кыргызском языке отвечает на вопросы КИМ? КИМИСИ? --КТО?

ЭМНЕ? ЭМНЕСИ? --ЧТО?

Вопрос КИМ? В отличии от русского языка относится только к человеку, вопрос ЭМНЕ? относится ко всем остальным.

КИМ?
- Самат – котормочу
- Марат – инженер
- Азат – изилдөөчү
- Исмаил – элчи
- Дастан – учкуч
- Искендер – аскер кызматчы
- Наристе – дарыгер
- Азиза – тилчи
- Камила – жазуучу

ЭМНЕ?
- мектеп
- дүкөн
- дарскана
- терезе
- үй
- уй
- төө
- бака
- базар

В кыргызском языке частицы -бы,$^{\Delta}$ -пы$^{\Delta}$ выражают вопрос

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Модель боюнча иштегиле**

Бул мугалимби? - Ооба, мугалим.

Бул мектеппи? - Жок, мектеп эмес, бул дарскана.

Бул айдоочубу? - Ооба, айдоочу

Бул айдоочубу? - Жок, айдоочу эмес, бул мугалим.

Бул дарыгерби? - Ооба дарыгер

Бул айылбы?  - Жок, айыл эмес, бул шаар.

Бул  сатуучубу?        - ………………..

Бул……………………………………………………

Бул эсепчиби?   -

Бул…………………………………………………

Бул дарсканабы?       -

Бул…………………………………………………

Бул көчөбү?             -

Бул…………………………………………………

**2. Көнүгүү. Сөздөрдү жаттагыла, КИМ? ЭМНЕ? деген суроого жооп берген сөздөрдү бөлгүлө.**

Окутуучу, ырчы, бийчи, учкуч, уй, үй, үстөл, терезе, инженер, айдоочу, мектеп, бөлмө, бала, дос, кыз, эже, эжей, агай, тоо, эшик, эшек, ит, күчүк, такта, калем, отургуч, эсепчи, мугалим, укукчу, дүкөнчү, мышык, дарыгер, бала, кыз.

**3. Көнүгүү. Сүрөттөрдүн алдына тиешелүү сөздөрдү жазгыла**.

















___________________________________________________________________

Бала, мектеп, мугалим, дарыгер, бийчи, мышык, эшек, калем, отургуч, чырак, китеп, кыз

**4. Көнүгүү. Модель боюнча иштегиле**

- Бул катпы? Ооба, кат. – Жок бул кат эмес, китеп.
- Бул үйбү? ______________________________________
- Бул эшекпи? ______________________________________
- Бул машинеби? __________________________________
- Бул бөлмөбү? ___________________________________
- Бул дарыгерби? __________________________________
- Бул окутуучубу? _________________________________

**5. Көнүгүү. Диалогдорду толуктагыла**.



-Салам Асылбек!

- ……………………………

-Асылбек, иштериң кандай?

-……………………………

- Окуп жүрөсүңбү?

- …………………………..

-Таанышалы, менин …………….. ……………………………?

- Менин атым Людмила

- Таанышканыма кубанычтамын!

- ……………………………………

…………………………………?

- Ырахмат, жакшы.

-…………………………………?


- Алынча.

- Жакшы кал.

- ………………………………..

## 6. Кырдаалдар

1. Сен жаңы топко келдиң, жанында отурган студенттер менен тааныш.
2. Көчөдөн тааныш кызга жолуктуң, анын акыбалы жөнүндө сура.
3. Досуң менен саламдашып, анын иштери жөнүндө сура



| ЭКИНЧИ САБАК<br>2 (эки) | ВТОРОЙ УРОК<br>2 (два) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь вежливо поздороваться;

= Уметь использовать все виды приветствия речевого этикета;

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ:

= Зат атоочтун сылык мүчөлөрүн. Окончание вежливой формы имен существительных.

= Зат атоочтун көптүк мүчөлөрүн. Окончание множественного числа существительных.

## 1. Фонетикалык көнүгүү

**1. Тапшырма**. Уккула, кайталагыла.

= сыз▸, - чыгыңыз, барыңыз, жатыңыз, алыңыз

= сиз▸ - келиңиз, ичиңиз, иштеңиз, бийлеңиз

= суз▸ - угуңуз, болуңуз, кошуңуз, отуруңуз

= сүз▸ - күлүңүз, жүрүңүз, сүйүңүз, күйүңүз

**2. Тапшырма.** Уккула, окугула.

| | | | |
|---|---|---|---|
| - лар | апалар, | аталар, | окуучулар |
| - лер | эжелер | инилер | терезелер |
| - лор | тоолор | койлор | директорлор |
| - лөр | төөлөр | көчөлөр | күчүктөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| - дар | кыздар | балдар | декандар |
| - дер | келиндер | илимдер | мугалимдер |
| - дор | колдор | коендор | бороондор |
| - дөр | көлдөр | чөлдөр | бөлүмдөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| - тар | дарактар | барактар | канаттар |
| - тер | теректер | белектер | китептер |
| - тор | коноктор | тооктор | жолдоштор |
| - төр | өрдөктөр | жүрөктөр | көпөлөктөр |

## 2. Жаңы сөздөр

| | |
|---|---|
| - Саламатсызбы (дарбы)! | - Здравствуйте! |
| - Иштериңиз ( ңер) кандай ? | - Как ваши дела? |
| - Ден соолугуңуз кандай? | - Как ваше здоровье? |
| - Канча жаштасыз? | - Сколько Вам лет? |
| - Кайда жашайсыз? | - Где Вы живете? |
| - Кайда окуйсуз? | - Где Вы учитесь? |
| - Кайда иштейсиз? | - Где Вы работаете? |
| - Сиз окуйсузбу же иштейсизби? | - Вы учитесь или работаете? |
| - Ыракмат, иштерим жакшы. | - Спасибо у меня все хорошо |
| - Мен окуймун, (иштеймин) | - Я учусь (работаю) |
| - Кошуңуз (саламатта болуңуз) | - До свидания (будьте здоровы) |
| - Куттуктаймын | - Поздравляю |

## 3. Диалогдор

- Саламатсызбы, Майрам эже!

- Саламатчылык, Асель.

- Иштериңиз кандай, ден соолугуңуз жакшыбы?

- Ыракмат, баары жакшы!

- Жакшы калыңыз, эже.

- Жакшы бар.

- Саламатсызбы, агай!


- Айгүлсүзбү?

- Ооба, агай.

- Сиз окуп жүрөсүзбү?

- Жок, мен быйыл университетти бүтүп, иштеп жүрөм.

- Азамат, кайдан иштеп жүрөсүз?
- Мен университеттин котормочу бөлүмүндө иштеймин.
- Жакшы болгон турбайбы. Куттуктаймын.



- Саламатсызбы?
- Саламатчылык
- Иштериңиз кандай
- Ыракмат, жаман эмес.

- Кандайсыз, иштериңиз жакшыбы?
- Жакшы, өзүңүз кандайсыз?
- Кудайга шүгүр.

- Саламатсызбы Ирина Васильевна!
- Саламатчылык, …………………
- Тааныбай турасызбы? Мен Анарамын
- Окууну бүттүңүзбү?
- Мен  окууну бүтүп, Москвага магистратурага кетип жатам.
- Азаматсыз коллега, куттуктаймын.
- Жакшы калыңыз.
- Көрүшкөнчө.

- Таанышып алалы, менин атым  Алмаз Карабаевич. Мен  сиздерге кыргыз тилин үйрөтөм.
- Сиздин атыңыз ким?
- Менин атым Азамат.
- Сиз канча жаштасыз?
- Мен 20 (жыйырма) жаштамын.

## 4. Грамматика

а) Окончания **- сыз, -сиз, - суз, - сүз**

**- цыз, -циз, - цуз, - цүз**

**- ыңыз, - иңиз, - уңуз, - үңүз**

выражают вежливую форму существительных, прилагательных, глаголов, наречий.

б) В кыргызском языке существительные множественного числа отвечают на вопросы КИМДЕР? ЭМНЕЛЕР? и образуют множественное число, при помощи следующих окончаний;

1. если слово оканчиваются на гласную «й», «р»+ **-лар, -лер, -лор, -лөр**
2. если слово оканчиваются на звонкую согласную+ **-дар, -дер, -дор, -дөр**
3. если слово оканчиваются на глухую согласную + **-тар, -тер, -тор, -төр**

| -лар► | -дар► | -тар► |
|---|---|---|
| апалар | нандар | канаттар |
| эжелер | мугалимдер | китептер |
| тоолор | колдор | топтор |
| төөлөр | көлдөр | өрдөктөр |
| уйлар, | декандар | балыктар |
| койлор, | балдар | челектер |

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө сылык түрүнүн мүчөлөрүн улагыла**

ат…………… иште………………… ал …………………

фамилияң….. ырда………………… бар ………………

жаш……………………….. кел…………………. ойло……………….

**2. Көнүгүү. Сүйлөмдөрдү сылык түрүндө бүтүргүлө**

1. Сиздин аты……… ким?
2. Сиз кайда иштей……..?
3. Сиз окуй…….бу же иштей……..би?
4. Сиз канча жашта…….?
5. Сиздин улуту…….. ким?
6. Сиз кайсы шаарда жашай…….?
7. Сиздин ден-соолугу…… кандай?
8. Сиз бул институтта окуй…..бу?

**3. Көнүгүү. Берилген сөздөргө көптүк мүчөлөрдү улагыла.**

*Эжей…, ини………, терезе………, мышык……, көчө……, үй……….*
*Таш……, агай…….., сүрөт……….., бор…….., дептер…, күчүк…*

**4. Көнүгүү. Көптүк сандын мүчөлөрүнө сөз жазгыла.**

| | | |
|---|---|---|
| -лар | -дар | -тар |
| -лер | -дер | -тер |
| -лор | -дор | -тор |
| -лөр | -дөр | -төр |

## 6. Кырдаалдар

1. Көчөдө тааныш мугалимиңе жолуктуң, анын иштери жөнүндө сура.
2. Сиздин группаңызга жаңы студент келди, аны менен таанышыңыз.
3. Сиз жаңы группага келдиңиз, өзүңүздү тааныштырыңыз.



ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ

= Уметь поздороваться при помощи посредника и без него:

= Уметь употреблять речевой этикет:

= Уметь различать формы приветствия:

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ:

= Ат атооч. Местоимения:

= Жактама ат атооч. Личные местоимения

**1. Фонетикалык көнүгүү**

**Өө**

**1. Тапшырма**. Уккула, кайталагыла.

| БӨ | ДӨ | ЗӨ | ЖӨ | КӨ | МӨ | СӨ | ЧӨ | ТӨ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| бөлмө | өрдөк | өз | жөжө | көз | көлмө | сөз | көчө | төрт |
| бөрү | дөң | өзөк | өжөр | көп | өмүр | сөйкө | чөп | төө |
| бөдөнө | бөөдө | түзөн | жөтөл | көмүр | мөмө | сөөк | чөл | төш |
| күлбө | дөөлөт | көзө | көжө | көл | сөөмөй | көсө | өлчө | бөтөн |

**2. Тапшырма**. Сүйлөмдөргө туура басым коюп окугула.

Бул Өзгөрүш. Өзгөрүштүн үйү өзөндүн ары жагында. Өзгөрүш үйүнө барыш үчүн өзөндүн жанынан өтөт. Бул Өмүрбек. Анын бөлмөсү чоң жана жарык. Өмүрбек бөлмөдө телевизор көрүп отурат. Бул өрдөктөр, өрдөктөр көлдө жүрүшөт.

## 2. Жаңы сөздөр

- Саламатсыңарбы! - Здравствуйте ( дети) !
- Куттуктайбыз! - Поздравляем!
- Каалоо. - Желание.
- Ассалоом алейкум! - Здравствуй (те) приветствие мужчин.
- Алейкума ассалам! - Здравствуйте (ответ).
- Кубанычтамын. - Я рад (а).
- Кесип. - Профессия.
- Кесиптеш. - Коллега.
- Сүйлөңүз, айтыңыз. - Говорите.

## 3. Диалогдор

**3. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла

- Ассалоом-алейкум!
- Алейкума ассалам!
- Таанышып коелу, менин атым Манас. Мен сүрөтчүмүн.
-Кубанычтамын, менин атым Андрей, бул менин досум Сергей. Биз студентпиз.

- Саламатсыңарбы ! Силер кайдан келдиңер?
- Мен Оштон келдим, досум Нарындан болот.
- А мен болсо Ысык-Көлдөн болом. Атым Анара.
- Баарыңар мугалимсиңерби?
- Жок, мен инженермин, досум бизнесмен, Анара-мугалим.

- Таанышып алалы, бул тренингдин алып баруучусу менмин. Аты-жөнүм Алтын Кадырова.
- Мен Бишкектик болом. Кесибим окутуучу.
- Мен  Рахат Мажитова – котормочумун.
- Мен Чынара Алиева – укукчумун.
- Мен Сапарбек Темиров – бизнесменмин.
- Анда эмесе, «Жаратылышты коргойлу» деген темадагы жыйыныбызды баштайлы.

## 4. Грамматика

| В отличии от русского языка в кыргызском языке нет категория рода. Местоимения 1-2-3- лица единственного и множественного числа имеют следующие окончания. | | |
|---|---|---|
| **лицо** | **личные местоимения ед. числа** | **окончания** |
| I | Мен - Я | -мын, -мин, -мун, -мүн |
| II | Сен - Ты | -сың, -сиң, -суң, -сүң |
| | Сиз - Вы | -сыз, -сиз, -суз, -сүз |
| III | Ал – Он / Она | ——— |
| **лицо** | **личные местоимения мн. числа** | **окончания** |
| I | Биз – Мы | -быз, -биз, -буз, -бүз<br>-ыбыз, -ибиз, -убуз, -үбүз |
| II | Силер – Вы (много) | -сыңар, -сиңер, -суңар, -сүңөр |
| | Сиздер – Вы (вежл. ф-ма) | -сыздар, -сиздер, -суздар, -сүздөр |
| III | Алар - Они | окончания множественного числа |

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Жактама ат атоочтордун мүчөлөрүнүн астын сызгыла.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мен | ырчымын | бийчимин | окуучумун | сүрөтчүмүн |
| Сен | ырчысың | бийчисиң | окуучусуң | сүрөтчүсүң |
| Сиз | ырчысыз | бийчисиз | окуучусуз | сүрөтчүсүз |
| Ал | ырчы | бийчи | окуучу | сүрөтчү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Биз | ырчыбыз | бийчибиз | окуучубуз | сүрөтчүбүз |
| Силер | ырчысыңар | бийчисиңер | окуучусуңар | сүрөтчүсүңөр |
| Сиздер | ырчысыздар | бийчисиздер | окуучусуздар | сүрөтчүсүздөр |
| Алар | ырчылар | бийчилер | окуучулар | сүрөтчүлөр |

**2. Көнүгүү. Сүйлөмдөрдү жак мүчөлөрү менен бүтүргүлө.**

1. Мен студент…………
2. Сиз ректор………….
3. Сен декан……………
4. Сен айдоочу…………
5. Ал дарыгер………….
6. Сиз мугалим………..
7. Сиз ырчы……………..
8. Силер студент……….
9. Сиздер наабайчы………
10. Биз актер……..
11. Биз куруучу………….
12. Алар  учкуч…………







**3. Көнүгүү. Берилген сөздөргө жактама ат атоочторду кошуп жазгыла.**

…………………………бийчимин.

………………………… укукчусуз.

………………………..  тергөөчүбүз.

……………………….. сүрөтчү.

……………………….. базарчы.

……………………….. мырзасың.

**4. Көнүгүү. Сүрөттөрдүн алдына тиешелүү сөздөрдү жазгыла.**







___________________________________________________________________







___________________________________________________________________

**6. Кырдаалдар**

1. Өзүңдүн коллегаңа досторуңду тааныштыр.
2. Сен жаңы жерге ишке орноштуң, өзүңдүн кесибиң жөнүндө айтып бер.

3. Сиз иштеген жерге конференцияга ар кайсы жактан мугалимдер келишти, алар менен таанышыңыз.



**ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МАТЕРИАЛ К ПРАКТИЧЕСКИМ ЗАНЯТИЯМ ПО ПЕРВОЙ ТЕМЕ.**

| **1. САЛАМДАШУУ.** | **1. ПРИВЕТСТВИЕ** |
|---|---|
| - Салам ! | - Привет! |
| - Саламатсыңарбы балдар! | - Здравствуйте, дети! |
| - Саламатсызбы, Анара эже! | - Здравствуйте! (вежливая форма) |
| - Саламатчылык! | - Здравствуй(те). Ответ на все приветствия |
| - Кандай турасың (-сыз)? | - Как поживаешь (-ете)? |
| - Кандайсың? (сыз)? | - Как дела (Ваши дела)? |
| - Ассалоом алейкум! | - Здравствуй(-те) (приветствие мужчин) |

**2. ТААНЫШУУ**

- Сенин атың ким?
- Сиздин атыңыз ким?
- Менин атым Сырга.
- Сенин фамилияң ким?
- Сиздин фамилияңыз ким?
- Менин фамилиям Абдыраева.
- Сен иштейсиңби же окуйсуңбу?
- Сиз иштейсизби же окуйсузбу?
- Сиз кайда иштейсиз (окуйсуз)?
- Сиз кайда жашайсыз?
- Мен Бишкекте жашаймын.
- Кайсы көчөдө жашайсың (-сыз)?
- Сен канча жаштасың (-сыз)?
- Мен жыйырма жаштамын.
- Сенин кесибиң эмне (кандай)?
- Мен мугалиммин.

**2. ЗНАКОМСТВО**

- Как тебя зовут?
- Как Вас зовут?
- Меня зовут Сырга.
- Как твоя фамилия?
- Как ваша фамилия?
- Моя фамилия Абдыраева.
- Ты работаешь или учишься?
- Вы работаете или учитесь?
- Где Вы работаете (учитесь)?
- Где Вы живете?
- Я живу в Бишкеке.
- На какой улице живете?
- Сколько тебе (вам) лет?
- Мне 20 (двадцать) лет.
- Кто ты по профессии?
- Я учитель.

**3. ЖОЛУГУШУУ**

- Кош келиңиздер!
- Кыйналбай келдиңизби?
- Келишиңиз менен!
- Силер менен жолукканыма Кубанычтамын!

**3. ВСТРЕЧА**

- Добро пожаловать!
- Не устали?
- С приездом!
- Рад (а) встрече с Вами.

**4. ТААНЫШУУДА КОЛДОНУУЧУ СӨЗДӨР:**

**4. ЗНАКОМЯСЬ, МЫ ГОВОРИМ:**

- Келиңиз таанышалы
- Сиз менен таанышкым келет.

- Давайте знакомиться.
- Хочу с Вами познакомиться.

- Кечиресиз, мен өзүмдү тааныштырган жокмун. - Простите, я не представился (-лась).
- Кечиресиз, сиздин атыңыз ким? - Простите, как Вас зовут?
- Мени кошунаңызга тааныштырыңыз. - Познакомьте меня с Вашим соседом (соседкой).
- Кечиресиз, сиз кимсиз? - Простите, а Вы кто?

## 5. ЖООП БЕРҮҮДӨ КОЛДОНУУЧУ СӨЗДӨР
## 5. ОТВЕЧАЯ СОБЕСЕДНИКУ, МЫ ГОВОРИМ:

- Абдан жакшы! - Очень приятно!
- Мен кубанычтамын! - Я очень рад (рада)
- Жакшы болбодубу! - Как хорошо!
- Мен бактылуумун! - Я счастлив!

## 6. КОШТОШУУДА КОЛДОНУУЧУ СӨЗДӨР:
## 6. ПРОЩАЯСЬ С КЕМ ЛИБО, МЫ ГОВОРИМ:

- Кошуңуз! - До свидания!
- Жолукканга чейин! Көрүшкөнчө! - До встречи!
- Кечке дейре! - До вечера!
- Жакшы калыңыз! - Счастливо оставаться!
- Саламатта болуңуз! - Будьте счастливы!
- Эртеңке дейре! (чейин) - До завтра.
- Саламатта бол! (-ңуз). - Будь здоров! (-а)! Пока.

# II.

# Күн тартип.
# Распорядок дня.



| БИРИНЧИ САБАК 1 (бир) | ПЕРВЫЙ УРОК 1 (один) |
|---|---|

**ТЕМА: КҮН ТАРТИП РАСПОРЯДОК ДНЯ**

«Убакыт учкан куш»

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Называть время суток, дни, недели, месяцы;

= Уметь задать и ответить на вопросы, связанные со временем и распорядком дня;

= Строить беседу на темы: «Убакыт» - «Время», «Менин иш күнүм» - «Мой рабочий день»

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ:

= Окончание притяжательных местоимений;

= Употребление глаголов , **калды, өттү**, указывающих на время.



## 1. Фонетикалык көнүгүү

# Уу, Үү

**1.Тапшырма**. Уккула, кайталагыла

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| у – | й | куй | ү – | й | Чүй |
| | н | тун | | н | күн |
| | з | туз | | з | түз |
| | к | жук | | ч | күч |

| | | |
|---|---|---|
| үй – уй | бүт – бут | үтүр – утур |
| үч – уч | түр – тур | үзүк – узун |
| үн – ун | күл – кул | күзгү – кузгун |
| үр – ур | түз – туз | күлүк – кулун |

**2. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла, окугула.

| | | |
|---|---|---|
| күн | бул | буга |
| бүрсүгүнү | бука | бугу |
| бүгүн | бурул | муну |
| мүдүр | мурда | буурчак |


## 2. Жаңы сөздөр

**3.Тапшырма.** Уккула, кайталагыла

| | | | |
|---|---|---|---|
| кеч | вечер | эрте | рано |
| кечинде | вечером | эртең | завтра |
| кечээ | вчера | эртең менен | утром |
| түш | обед | түн | ночь |
| түштө | в обед | түндө | ночью |
| күн | день | азыр | сейчас |
| күндө | каждый день | анан | потом |

## 3. Диалогдор

**4. Тапшырма.** Диалогдорду окугула, ойноткула.




- Сенин саатың барбы?
- Ооба, бар.
- Азыр саат канча болду?
- Саат 1 (бир) болду. Саат 6.05 (алтыдан беш мүнөт ) өттү.

САAT КАНЧА БОЛДУ?



1. Бирден он беш мүнөт өттү.
2. Бирден он минута өттү.
3. Бир жарым болду.
4. Саат экиге он беш мүнөт калды.
5. Саат экиге он мүнөт калды.



- Салам Марат!
- Салам Азамат!
- Марат, эртең бошсуңбу?
- Эмне болду, досум?
- Эртең киного барсакпы деп ойлодум.
- Кайдагы кино, азыр сессия. Мен эч бошобоймун. Эртең менен саат 6 (алтыда) ойгоном, 15 (мүнөт) чуркайм, сууга түшөм, тамактанам, анан университетке жөнөйм. Саат 8 (сегизден) 2 (экиге) чейин окуйм. Түштө 20 (жыйырма) мүнөт эс алам. Саат 3 (үчтө) китепканага барам. Жатаканага араң саат 6 (алтыда) келем.

Кечки тамактан кийин эртеңки экзаменге даярданам. Саат 12 (он экиде) уктайм. Мына, ушундай менин күнүм, досум. А сенин сессияң качан башталат?

- Биз сессияны бүтүрүп койдук.

## 4. Грамматика

Глагол **калды** – «осталось» или «без» требует окончания дательного падежа (барыш жөндөмө).

**га, ге, го, гө, ка, ке, ко, кө**

Например: Без пяти девять – Онго беш мүнөт калды.

Без пятнадцати три – Үчкө он беш мүнөт калды.

Без трех одиннадцать – Он бирге үч мүнөт калды.

Глагол **өттү** – «прошло» требует окончания исходного падежа (чыгыш жөндөмө).

**дан, ден, дон, дөн, тан, тен, тон, төн**

Например: Десять минут шестого – Бештен он мүнөт өттү.

Двадцать минут третьего – Экиден жыйырма мүнөт өттү.

Три минуты шестого – Үчтөн үч мүнөт өттү.

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Туура окугула.**

Онго беш мүнөт калды. Ондон беш мүнөт өттү.

Алтыга он жети мүнөт калды. Алтыдан он жети мүнөт өттү.

Саат беш жарым болду. Жетиге жарым саат калды.

Саат үч болду. Саат жети болду.

**2. Көнүгүү. Барыш жөндөмөнүн мүчөсүн бир сызык, чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүн эки сызык менен сызгыла.**

Бирден беш мүнөт өттү. Алтыга сегиз мүнөт калды.

Жетиден жыйырма мүнөт өттү. Он бирге эки мүнөт калды.

Төрткө он беш мүнөт калды. Он экиге жарым саат калды.

**3. Көнүгүү. Чекиттин ордуна туура келген мүчөлөрдү жазгыла.**

Сегиз…… 15 мүнөт калды. Он…….. жарым саат өттү.

Беш…….. 7 мүнөт өттү. Эки…… 11 мүнөт калды.

Үч…….. 10 мүнөт калды. Төрт……3 мүнөт өттү.

**4. Көнүгүү. Суроолорго туура жооп бергиле.**

1. Сен саат канчада университетке барасың?
2. Эртең менен саат канчада ойгоносуң?
3. Саат канчада жумушуң башталат?
4. Үйдөн жумушка чейин канча убакытта барасың?
5. Канча саат иштейсиң?
6. Түшкү тамак саат канчада башталат?
7. Окууң же жумушуң саат канчада бүтөт?
8. Канча саат эс аласың?
9. Саат канчада уктайсың?

**5. Көнүгүү. Айдайдын күн тартибин сүрөт боюнча айтып бергиле.**

**Берилген этиштерди колдонгула.**

(ойгон, тур, жуун, таран, бар, кийин, ич, ойно, эс ал, оку, иште, укта)



















| 6. Кырдаалдар |
|---|

1. Сен сабакка кечигип жатасың, көчөдөгү адамдан саатты сура.

2. Сен жолугушууга келдиң, жанындагы адамдан саат канча болгонун сура.

3. Сенден саат канча болгонун сурап жатышат, туура жооп бер.

| ЭКИНЧИ САБАК<br>2 (эки) | ВТОРОЙ УРОК<br>2 (два) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь задать, и отвечать  на вопросы;

= Уметь строить свой рабочий день;

## ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ:

= Зат атоочтун жөндөмөлөрү. Падежи существительных.

= Таандык мүчөлөр. Притяжательные окончания.

### 1. Фонетикалык көнүгүү

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| кыздар | терезелер | мектептер |
| кыздардын | терезелердин | мектептердин |
| кыздарга | терезелерге | мектептерге |
| кыздарды | терезелерди | мектептерди |
| кыздардан | терезелерден | мектептерден |

**2. Тапшырма.** Уккула, окугула.

| | | | |
|---|---|---|---|
| ым - | сабагым | калем сабым | кызым |
| ың - | сабагың | калем сабың | кызың |
| ыңыз - | сабагыңыз | калем сабыңыз | кызыңыз |
| ы - | сабагы | калем сабы | кызы |

### 2. Жаңы сөздөр

**3.Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| күндүз | днем | бир ай | один месяц |
| бүрсүгүнү | после завтра | бир жыл | один год |
| мурдагы күнү | позавчера | бир саат | один час |
| заматта | сию минуту (мгновенно) | кылым | век |
| ай | месяц | кийин | после |
| жыл | год | чейин | до |
| бир жума | неделя | аз убакыт | мало времени |

## 3. Диалогдор

**4.Тапшырма.** Диалогдорду окугула.




- Суусар, жүрү киного баралы.
- Кино качан башталат экен?
- Саат алтыда «Манас» кинотеатрында болот экен.
- Ал убакта мен бара албайм. Мен жумуштан саат
- Жүрү анда сегизге баралы.
- Болуптур эмесе. Жети жарымда Манастын жанынан жолугалы.



- Айтыңызчы, ЦУМ саат канчада ачылат?
- ЦУМ саат тогузда ачылат.
- Канчага чейин иштейт?
- Саат тогузга чейин иштейт.
- Канча кабаттан турат?
- Төрт кабаттан турат.
- Биринчи кабатында эмнелер сатылат?
- Биринчи кабатында уюлдук телефондор жана фотоаппараттар сатылат.

## 4. Грамматика

<table>
<tr><td colspan="3">В отличие от русского языка в кыргызском языке нет категория рода. Местоимения 1-2-3- лица единственного и множественного числа имеют следующие окончания.</td></tr>
<tr><th>лицо</th><th>личные местоимения ед. числа</th><th>окончания</th></tr>
<tr><td>I</td><td>Менин – Мой, моя, мое, мои</td><td>-м, -ым, - им, - ум, - үм</td></tr>
<tr><td rowspan="2">II</td><td>Сенин – Твой, твоя, твое, твои</td><td>-ң, -ың, -иң, -уң, -үң</td></tr>
<tr><td>Сиздин – Ваш, ваша, ваше, ваши</td><td>-ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз, -ыңыз, -иңиз, --унуз, -үңүз</td></tr>
<tr><td>III</td><td>Анын – Его, ее</td><td>-ы, -и, -у, -ү, -сы, -си, -су, -сү</td></tr>
</table>

| лицо | личные местоимения мн. числа | окончания |
|---|---|---|
| I | Биздин – Наш, наша, наше, наши | -быз, -биз, -буз, -бүз<br>-ыбыз, -ибиз, -убуз, -үбүз |
| II | Силердин – Ваш, ваша, ваше, ваши | -ңар, -ңер, -ңор, -ңөр, -ыңар,<br>-иңер, -уңар, -үңөр |
| | Сиздердин – Ваш, ваша, ваше, ваши (вежл. ф-ма) | -ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр<br>-ыңыздар, -иңиздер, уңуздар, -үңүздөр |
| III | Алардын - Их | -ы, -и, -у, -ү, -сы, -си, -су, -сү |

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Туура окугула. Тексттеги бош калтырылган жерлерди толуктагыла.**

Менин күн тартибим

Мен эртең менен саат …. турамын. Бети- колумду жууймун. Эртең мененки тамагымды ичип, жумушка саат ….. жөнөймүн. Жумуш саат ……. башталат. Түшкү тамакты ……. жейбиз. Жумуш саат ……. бүтөт. Үйгө саат ….. барамын. Кечки тамакты саат ….. ичебиз. Кечки тамактан кийин эшикке чыгып сейилдеймин. Кечинде телевизор көрөм, радиодон жаңылыктарды угамын. Мен саат …… бети-колумду жууймун, андан кийин уктаймын.

**2. Көнүгүү. Сүрөт боюнча сүйлөм түзгүлө.**



**волейбол ойноо**



**теннис ойноо**



лыжа тебүү



чуркоо



шахмат ойноо



баскетбол ойноо

**3. Көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле.**

Жекшемби күнү эмне кыласыз? Качан турасыз? Эртең кайда барасыз? Бүгүн жумушка канчада келесиз? Жайында кайда эс аласыз? Сиздин иш күнүңүз канчада башталат? Бир айда канча күн бар?

**4. Көнүгүү. Төмөнкү сүйлөмдөрдү кыргыз тилине которгула.**

Извините, который час? Скажите пожалуйста, сейчас сколько времени? Сейчас без пяти восемь. До трех на работе будешь? Магазин до скольки работает? Чей это журнал? Я прихожу домой в час дня. В восемь часов утра начинаются уроки.

## 6. Кырдаалдар

1. Досуңа телефон чалып, эртеңки күндү кандай пландаштырып жатканын сураңыз.
2. Апаңа эртеден кечке чейин колуң бошобой турганын айтып бер.
3. Дем алыш күнүң жөнүндө досуңа айтып бер.

| ҮЧҮНЧҮ САБАК<br>3 (үч) | ТРЕТИЙ УРОК<br>3 (три) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь использовать в речи разнообразные реплики;

= Уметь рассказать о своем рабочем дне.

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ:

= Повторение окончаний падежей дательного**,** местного и исходного

= Барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрүн кайталоо

**1. Фонетикалык көнүгүү**

# Нн, ң

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ең** | **оң** | **аң** | **үң** | **он** | **үн** | **ан** | **өн** |
| жең | чоң | таң | күң | тон | күн | кан | көн |
| жеңе | оңой | жаңы | өзүң | мончо | түнү | кана | үрөн |
| жеңил | чоңой | Жаңыл | көзүң | Токон | бүгүн | чакан | күмөн |
| жеңиш | доңуз | жаңгак | күчүң | конок | күндүз | бакан | үйрөн |

**2. Тапшырма.** Чекиттердин ордуна **ө, ү, ң** тамгаларын колдонуп, сөздү толуктап жазгыла.

Чо…, ч…п, к…к, к…н, с…з, с…йл…м, т…з, ж…з, ж…нд…м…, …й, …й-б…л…, б…лм…, г…л, …м…р, …рд…к, …т…р, …лк…, ж…р…к, жа…ы, с…йл…, …йр…н.

**2. Жаңы сөздөр**


| | | | |
|---|---|---|---|
| тур | встань | түшкү тамак | обед |
| ойгон | проснись | кечки тамак | ужин |
| күндө | ежедневно | жөө | пешком |

| | | | |
|---|---|---|---|
| дайыма | постоянно, всегда | кээде | иногда |
| жуун | умывайся | адатта | обычно |
| сарпта | распредели | кал | оставайся |
| эртең мененки тамак | завтрак | катыш | участвуй |

## 3. Диалогдор

**4. Тапшырма.** Диалогдорду туура окугула.

- Саламатсызбы Эркин?
- Саламатчылык Нурбек!



- Иштериң кандай?
- Орто.
- Эмне жаңылык бар?



- Эч деле жаңылык жок.
- Саатың канча болду?
- Саат он болуп калды.
- Сен бүгүн жумушка барасыңбы?
- Жок, мен түштө доктурга барам.

- Кичи пейилдикке айтыңызчы, саат канча болду?
- Саат тогуздан жыйырма мүнөт өттү.
- Бүгүн саат канчага чейин иштейбиз?
- Бүгүн саат төрткө чейин иштейбиз.
- Эртең майрамда эмне кыласың?
- Үйдө конок тосом.

## 4. Грамматика

Существительные в местном падеже обозначают место, время совершения действия и отвечают на вопросы: *кимде?* (у кого?) *эмнеде?* (где?, возле чего?) *кайда?* (где?), *кайсы жерде?* (в каком месте?) *саат канчада?* (во сколько?).

Жатыш жөндөмө имеет окончания: *да де до дө* после глухих *та, те, то, тө*

В кыргызском языке, кроме существительных, по падежам изменяются числительные и местоимения:
*мен+де* – у меня
*эки+де* – в два

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Суроого оң жана терс жооп берүүгө үйрөнгүлө.**

- Айтып коюңузчу, саат беш болдубу?

- Ооба, саат беш болду.

- Жок, саат беш боло элек.

- Жок, саат беш эмес алты болду.


**2. Көнүгүү. Төмөнкү сөздөргө саатты кошуп, сүйлөм түзгүлө.**

(Жумуш, жыйналыш, конференция, дем алыш, жолугушуу, той, кино, концерт)

Үлгү: Конференция саат ондо башталат.

## 6. Кырдаалдар

1. Досуңа жумушта канча убакыт болоруңду түшүндүрүп айтып бер?
2. Таанышыңа жолугуп, бош убактысын сурап, аны сейилге чакыр.
3. Эжеңе жолугуп, ден соолугун сурап, саат канча болгонун бил.



**ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МАТЕРИАЛ К ПРАКТИЧЕСКИМ ЗАНЯТИЯМ ПО ВТОРОЙ ТЕМЕ.**

1. **СӨЗДӨРДҮ ЖАТТАГЫЛА**

**1. ЗАПОМНИТЕ НОВЫЕ СЛОВА**

**а) Слова, выражающие часть суток.**

| | | |
|---|---|---|
| кеч | - | вечер |
| кечинде | - | вечером |
| кечээ | - | вчера |

| | | |
|---|---|---|
| эрте | - | рано |
| эртең менен | - | утром |
| эртең | - | завтра |
| түш | - | обед |
| түштө | - | в обед |
| түштөн кийин | - | после обеда |
| күн | - | солнце, день |
| күндө | - | каждый день |
| күндүз | - | днем |
| түн | - | ночь |
| түндө | - | ночью |

**б) Слова, выражающие дни недели.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Дүйшөмбү + дө | - | понедельник | (в понедельник) |
| Шейшемби + де | - | вторник | (во вторник) |
| Шаршемби + де | - | среда | (в среду) |
| Бейшемби + де | - | четверг | (в четверг) |
| Жума + да | - | пятница | (в пятницу) |
| Ишемби + де | - | суббота | (в субботу) |
| Жекшемби + де | - | воскресенье | (в воскресенье) |

**в) Слова, выражающие месяцы.**

| | | |
|---|---|---|
| Үчтүн айы | - | январь |
| Бирдин айы | - | февраль |
| Жалган куран | - | март |
| Чын куран | - | апрель |
| Бугу | - | май |
| Кулжа | - | июнь |
| Теке | - | июль |
| Баш оона | - | август |

| | | |
|---|---|---|
| Аяк оона | - | сентябрь |
| Тогуздун айы | - | октябрь |
| Жетинин айы | - | ноябрь |
| Бештин айы | - | декабрь |

## 2. СУРОО, ЖООПТУ ТҮЗГҮЛӨ
## 2. РЕЧЕВОЙ МАТЕРИАЛ ТЕМЫ

**а) Чтобы узнать время, мы спрашиваем, нам отвечают.**

| | |
|---|---|
| - Кечиресиз, саатыңыз канча болду? | - Извините, который час? |
| - Азыр онго беш мүнөт калды. | - Сейчас без пяти десять. |
| - Убактыңыз канча болду? | - Скажите, сколько время? |
| - Алтыдан он мүнөт өттү. | - Десять минут седьмого |
| - Саат эки болуп калдыбы? | - Время два часа? |
| - Жок, саат бир жарым болду. | - Нет, сейчас пол второго. |

**б) Прочитайте тексты для информации.**

Эртең менен

Эртең менен саат алтыда ойгоном. Он мүнөт көнүгүү жасайм. Жуунам, тишимди тазалайм, таранам. Төшөгүмдү жыйнайм. Эртең мененки тамакты ичем. Бир стакан кофе, бир кесим нан, жумуртка жейм. Институтка жөнөйм.

Түш

Сабак он бир жарымда бүтөт. Түшкү тамакты мен ашканада ичем. Биринчиге шорпо, экинчиге каша, үчүнчүгө бир стакан айран ичем. Саат экиге чейин эс алам. Эки жарымда китепканага барып сабак даярдайм.

Кеч

Үйгө саат алтыда келем, тамак бышырам. Биринчиге кесме, экинчиге күрүч. Кечки тамак жети отузда башталат. Биз досторубуз менен чогуу тамак ичебиз. Саат онго чейин эс алам, сыналгы көрөм. Кичине сейилдеп келем. Саат он жарымда уктайм.

## 3. МАКАЛДАРДЫ ЖАТТАГЫЛА
## 3. ВЫУЧИТЕ ПОСЛОВИЦЫ

1. Жамандын жыргалы – уйку.
   Рай для дурачка – сон.
2. Билимге карылык жок.
   Никогда не поздно учиться.

## 4. ДИАЛОГДОР
## 4. ДИАЛОГИ

Прочитайте соблюдая ударение.

- Апа, сиз качан үйгө келесиз?
- Мен саат алтыда келем.
- Сиз бүгүн менин чогулушума барасызбы?
- Чогулуш канчада болот?
- Саат беште.
- Анда эмесе мен төрттө үйгө келейин, анан экөөбүз чогуу барабыз.

- Асыл, жүрү киного баралы.
- Кино канчада болот экен?
- Саат үчтө, «Манас» кинотеатрында.
- О, мен ал убакта бара албайм. Мен сабактан төрт жарымда чыгам.
- Анда эмесе саат алтыга баралы.
- Жарайт. Саат беште «Манастын» алдынан жолугушалы.

# III.

# Үй-бүлө. Семья.



| БИРИНЧИ САБАК 1 (бир) | ПЕРВЫЙ УРОК 1 (один) |
|---|---|

**ТЕМА: ҮЙ БҮЛӨ СЕМЬЯ**

«Ынтымак бар жерде – ырыс бар»

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь рассказать о своей семье;

= Уметь рассказать о профессии своих близких;

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Жөндөмөлөр Падежи

= Этиш Глагол

**1. Фонетикалык көнүгүү**

**Ээ, Ее**

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| эр – ээр | ме – мээ | мен – мэң | жер - тер |
| эк – ээк | жең – жээн | тек – тээк | кел – кет |
| эн – ээн | же – жээк | жерде – жээрде | кез – кес |

**2. Тапшырма.** Сүйлөмдөрдү туура окугула.

Бул менин эжем. Эжемдин аты Асел. Эжем экөөбүз кээде кинотеатрга барабыз. Эжем эсепчи болуп иштейт. Дем алыш күндөрү ата-энебизге жардам беребиз. Чоң атам менен чоң энем айылда жашайт

## 2. Жаңы сөздөр

**3.Тапшырма** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Ынтымактуу | - | дружный (ая, ое) |
| Чакан | - | небольшой (ая, ое) |
| Чоң ата | - | дедушка (по отцу) |
| Чоң эне | - | бабушка (по отцу) |
| Ата-эне | - | родители |
| Ага, байке | - | старший брат, дядя (по отцу) |
| Эже | - | старшая сестра, тетя (по отцу) |
| Ини | - | младший брат |
| Карындаш | - | младшая сестра (в обращении мужчины) |
| Сиңди | - | младшая сестра (в обращении женщины) |
| Таята | - | дедушка (по матери) |
| Таене | - | бабушка (по матери) |
| Таяке | - | дядя (по линии матери и старший и младший) |
| Таеже | - | тетя ( по линии матери и старшая и младшая) |

## 3. Диалогдор

**4. Тапшырма.** Диалогдорду кунт коюп окугула, ойноткула.

- Азамат, сенин ата-энең кайда иштейт?
- Менин ата-энем бизнесмендер.
- Чон атаң, чон энең барбы?
- Ооба бар, бирок алар иштебейт. Чоң атам, чоң энем бааргерлер. Алар айылда жашайт. Мен каникулда аларга конокко барып турам.

- Ысмайыл сенин үй-бүлөң кандай?

- Менин үй-бүлөм абдан чоң. Менин чоң атам, чоң апам, таятам, таенем бар.

Чоң атамдын аты – Бообек, ал Мамлекеттик Кыргыз Драма театрында башкы режиссер. Чоң апам – Гүлсүн Мамашева - эмгек сиңирген ырчы.

Таятам – Акжолтой - аскер кызматчы. Таенем – Майрам - мугалим. Атам менен апам – инженерлер.

- Бир тууганың, барбы?

- Ооба, менин кичүү карындашым бар. Анын аты Наристе.

- Сенин үй-бүлөң абдан чоң экен.

- Биздин үй-бүлө чоң жана ынтымактуу, биз бат-бат жолугушуп, майрам күндөрүн көңүлдүү тособуз. Мен үй-бүлөмдү жакшы көрөм.

- Таанышып коёлу, менин атым Турат.

- Менин атым Дима.

- Дима, сенин үй-бүлөң чоңбу?

- Жок, менин үй-бүлөм кичине. Таятам, таенем, апам жана мен.



## 4. Грамматика

В кыргызском языке простые глаголы будущего времени, как и настоящего, образуются при помощи деепричастных аффиксов:
1) если слово оканчивается на гласную + й + личные окончания;
2) если слово оканчивается на согласную + а + (-е, -о, -ө) + личные окончания;
3) если слово оканчивается на глухую согласную то к → г, п → б.

**мен сен, сиз ал**

Мисалы: сүйлө + й + мүн (-сүң, -сүз, -т)
ырдай + й + мын (-сың, -сыз, -т)
бийле + й + мин (-сиң, -сиз, -т)
ойло + й + мун (-суң, -суз, -т)

кел + е + мин (-сиң, -сиз, -т)
бар + а + мын (-сың, -сыз, -т)
көр + ө + мүн (-сүң, -сүз, -т)

ук – уг + а + мын (-сың, -сыз, -т)
чык – чыг + а + мын (-сың, -сыз, -т)
жап – жаб + а + мын (-сың, -сыз, -т)

чап – чаб + а + мын (-сың, -сыз, -т)


## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Чекиттин ордуна берилген сөздөрдү ылайыктап жазгыла.**

*Мен, инженер, атам, карындашым, эжем, апам, мугалим, Анара, ынтымактуу*

1. Биздин үй-бүлө чоң жана ……………………………….
2. Менин үй-бүлөмдө алты киши бар: алар ……………, ……………….
3. Менин атам инженер, апам дагы …………………., эжем……………………. болуп мектепте иштейт.
4. Карындашым али кичине. Анын аты ……………………..
5. Таенем ……………. багып үйдө отурат.   Мен үй-бүлөмдү жакшы көрөм.

**2. Көнүгүү. Картанын жардамы менен таанышкыла. Сөздөрдү окугула, жаттагыла.**



**3. Көнүгүү. Модель боюнча иштегиле.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| а) мен ырдаймын | сен ырдайсың | сиз ырдайсыз | ал ырдайт |
| мен иште ……. | сен ………… | сиз ………… | ал ……… |
| мен оку ……... | сен ………… | сиз ………… | ал ……… |

| | | | |
|---|---|---|---|
| б) мен кетемин | сен кетесиң | сиз кетесиз | ал кетет |
| мен кел ….... | сен ……….. | сиз ……… | ал ……. |
| мен жат …... | сен ……….. | сиз ……… | ал ……. |
| мен жаз …… | сен ……….. | сиз ……… | ал ……. |
| мен отур ….. | сен ……….. | сиз ……… | ал ……. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| в) мен тигемин | сен тигесиң | сиз тигесиз | ал тигет |
| мен ук ……. | сен ………. | сиз ……… | ал ……. |
| мен жап ….. | сен ………. | сиз ……… | ал ……. |
| мен чап ….. | сен ………. | сиз ……… | ал ……. |

**4. Көнүгүү. Таандык мүчөлөрдү туура койгула.**

Модель: Бул уста.

Менин атам уста.






Бул мугалим.

Асан …….. апа ………. мугалим

Бул ашпозчу.

Зина ………. эже …….. ашпозчу.



**5. Көнүгүү.        Туура окугула.**

Атамдын аты Асанбек.

Көлдүн аты Ысык-Көл.

Зинанын сиңдиси Айша.

Китептин сүрөтү кооз.

Эжемдин аты Зуура.


Колянын атасы Василий Петрович.

Үсөндүн карындашы окуучу.

Мараттын баласы Ысмайыл.

## 6. Кырдаалдар

1. Сен Асан менен тааныштың, өзүңдүн үй-бүлөң жөнүндө айтып бер.
2. Сен Саша менен тааныштың ага кыргыздардын тууганчылык мамилелери жөнүндө айтып бер.
3. Сиз жаңы мектепке (институтка, жумушка) келдиңиз. Өзүңүз жана үй-бүлөңүз  жөнүндө айтып бериңиз.



| ЭКИНЧИ САБАК<br>2 (эки) | ВТОРОЙ УРОК<br>2 (два) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Назвать родственные отношения;

= Уметь строить беседу на тему «Үй-бүлө»

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Окончания родительного падежа

= Илик жөндөмөнүн мүчөсү

**1. Фонетикалык көнүгүү**

**Ыы, Ии**

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| ыш – иш | ыйла – ийле | чымын – чиркей |
| кыр – кир | кыт – кит | чыйт – чий |
| тыш – тиш | кынтык – киндик | ысык – ичик |
| ырда – изде | кыйын – кийин | кышы – киши |

**2. Тапшырма.** Төмөнкү сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө.

Ыңгайлуу, ысык, кызык, бышык, кийиз, жилик, бийик, тыгыз, кызыл, кирпи, кийим, илим.

**2. Жаңы сөздөр**

**3.Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

Кыз - дочь

Бала, уул - сын

| | | |
|---|---|---|
| Небере | - | внук, внучка |
| Чөбөрө | - | правнук |
| Жезде | - | муж старшей сестры |
| Аскер кызматчы | - | военнослужащий |
| Мугалим | - | учитель |
| Бийчи | - | танцор |
| Ырчы | - | певец |
| Конок | - | гость |
| Эмгек сиңирген | - | заслуженный |
| кайыната | - | свекорь, тесть |
| кайынэне | - | свекровь, теща |
| коңшу, кошуна | - | сосед |

## 4. Грамматика

В кыргызском языке *илик жөндөмө* (родительный падеж) означает принадлежность предмета и отвечает на вопросы *кимдин? эмненин?* (чей? чья? чьё?) и имеет следующие окончания:


1) если слово оканчивается на гласную: *нын, нин, нун, нүн;*
2) если слово оканчивается на согласную: *дын, дин, дун, дүн;*
3) если слово оканчивается на глухую согласную: *тын, тин, тун, түн.*

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Сүрөттөр боюнча үй-бүлө жөнүндө чакан аңгемелерди түзгүлө.**









**2. Көнүгүү Суроолорго жооп бергиле**

- Сенин ата-энең барбы?

- ______________________________

- Атаң, апаң кайда иштейт?

- ______________________________

- Сенин байкең жеңең барбы?

- ____________________________

- Алар окуйбу же иштейби?

- ____________________________

- Сенин досуң барбы?

- ____________________________

**4. Көнүгүү. Бош жерлерге ордуна илик жөндөмөнүн мүчөлөрүн улап жазгыла.**

Керим ______ иниси Марат.

Витя___ эжеси мугалим.

Азиза ______ акеси Изат.

Асан _______ атасы дарыгер.

Сырга _____ таякеси милиционер.

Самат _______ эжейи Айнура.

**6. Кырдаалдар**

1. Үй-бүлөңөрдү тааныштырып, алар канча жашта экендигин айтып бергиле.
2. Сен курбуңа жолуктуң, анын үй-бүлөсү жөнүндө сурап бил.
3. Сен топко жаңы келдиң, алар менен таанышып, өзүңдүн үй-бүлөң жөнүндө айтып бер.

| **ҮЧҮНЧҮ САБАК 3 (үч)** | **ТРЕТИЙ УРОК 3 (три)** |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь спросить собеседника о его семье;

= Уметь расспросить и рассказать о своем хобби;

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Этиштин өткөн чагы.    Прошедшее время глагола;

## 1. Фонетикалык көнүгүү

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Уй – үй | уйлуу – үйлүү | уюм – үйүмдө |
| ой - өй | ойлуу - өйдө | оюм – боюм |
| күйөө | үйлөн | |
| күйгөн | үйлөнгөн + сүң + бү | үйлөнүү |
| бойдок | үйлөнгөн | күйөөгө чыккан (кам) |

**2. Тапшырма.** Тилиңерди жатыктыргыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| ким | - кимсиң | кимдер | - кимдерге |
| аялың барбы | - бойдокмун | үйлөнгөнсүңбү | - үйлөнгөм |
| күйөөң барбы | - турмушка чыккам | албетте | - сөссүз |

## 2. Жаңы сөздөр

**3. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | |
|---|---|
| - Үйлөндүңбү? | - Ты женат? |
| - Ооба, үйлөндүм. | - Да, женат. |
| - Жок, бойдокмун. | - Нет, холост. |
| - Күйөөгө / турмушка чыктыңбы? | - Ты замужем? |
| - Ооба, чыктым. | - Да, вышла замуж. |
| - Жок, чыга элекмин. | - Нет, не замужем. |
| - Жакшы бар / кошуңуз. | - До свиданья. |
| - Өзүң жөнүндө айт. | - Расскажи о себе. |
| - Жүрү. | - Пойдем |
| - Шашып жүрөм. | - Спешу. |
| - Башка күнү. | - В другой раз. |

- Кесип - Профессия
- Өзгөрүү - Изменение
- Өзгөртүү - Менять
- Кесибим өзгөрүлүп кеткен. - Поменял профессию.
- Ортосунда - Среди (по середине)
- Болуптур эмесе. - Ну пока.
- Саламатта бол! - Будь здоров!

## 3. Диалогдор

**4. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

- Салам Нурбек, кандайсың?
- Жакшы, өзүңчү?
- Жаман эмес.
- Сен үйлөндүңбү?
- Жок, мен бойдокмун, сенчи?
- Үйлөнгөм, бир балам бар.



- Саламатсызбы, Майрам эже.
- Саламатчылык, Наташасыңбы?
- Ооба.
- Иштериң кандай, күйөөгө чыктыңбы?
- Ооба, турмушка чыккам.
- Жакшы бара гой.
- Кошуңуз.

- Аселя, кандай!
- Анара, сен кайдан?
- Жакшы жүрөсүңбү, өзүң жөнүндө айт.
- Мен Бишкекте жашайм, турмушка чыга элекмин, иштейм. Сен кайдасың?
- Мен болсо Таласта жашайм. Эки кызым, күйөөм бар, мектепте иштейм.
  Азыр командировкага келдим.

- Жүрү биздин үйгө.

- Жок шашып жүрөм. Башка күнү келейин. Кош бол.

- Саламатсызбы, агай!

- О, Рустам! Кандай жүрөсүң, кайдасың, иштеп жүрөсүңбү?

- Ооба, иштеп жүрөм, мен бизнесменмин, кесибим өзгөрүлүп кеткен. Талас, Бишкек, Нарындын ортосунда көп жүрөм.

- Болуптур эмесе, жакшы кал.

- Саламатта болуңуз.

## 4. Грамматика

В кыргызском языке простые глаголы прошедшего времени образуются при помощи окончаний:

**-ды; -ган; -ыптыр; -чу;**

Данные глаголы изменяются по лицам и числам.

| Мисалы: | | |
|---|---|---|
| ды, ди, ду, дү<br>ты, ти, ту, тү<br>ган, гон, ген, гөн<br>ыптыр, иптир, уптур, үптүр<br>чы, чи, чу, чү | | |
| Мен | сен, сиз | ал |
| сүйлөдүм | (дүң, дүңүз, | дү) |
| ырдадым | (дың, дыңыз, | ды) |
| бийледим | (диң, диңиз, | ди) |
| ойлодум | (дуң, дуңуз, | ду) |
| Мен | сен,сиз | ал |
| келдим | (диң, диңиз, | ди) |
| бардым | (дың, дыңыз, | ды) |
| көрдүм | (дүң, дүңүз, | дү) |

| | | |
|---|---|---|
| койдум | (дуң, дуңуз, | ду) |
| Мен | сен, сиз | ал |
| уктум | (туң, туңуз, | ту) |
| чыктым | (тың, тыңыз, | ты) |
| жаптым | (тың, тыңыз, | ты) |
| чаптым | (тың, тыңыз, | ты) |

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Модель боюнча иштегиле.**

а) Мен үйлөнгөм    сен үйлөнгөнсүң    ал үйлөнгөн
мен үйлөндүм    сен үйлөндүң    ал үйлөндү

мен оку ……….    сен …………    ал ………….
мен иште ………    сен …………    ал ………….
мен сүйлө ……..    сен …………    ал ………….
мен бар ………..    сен …………    ал ………….

**2. Көнүгүү. Этиш сөздөргө өткөн чактын *-ды, -ган* мүчөлөрүн улап жазгыла.**

Модель: Ал – алдым, алгам

Бар, кел, кет, сүйлө, ырда, сура, тур, жаша, иште.

**3. Көнүгүү. Чекиттин ордуна ылайыктуу сөздөрдү жазгыла.**

1. Мен кечээ Асан менен ________________.
2. Асан экөөбүз кинотеатрга _________, кызыктуу кино __________.
3. Кинотеатрдан Асандын эжесине ______________.
4. Аны менен _____________.
5. Биз кечээги күндү көңүлдүү _______________.

(Бар, тааныш, жолук, көр, өткөр, сүйлө)

**4. Көнүгүү. Сүрөт боюнча суроолорго жооп бергиле. Ким эмне кылганды жакшы көрөт?**







**5. Көнүгүү. Туура жана терс жооп берүүнү үйрөнгүлө.**

Модель:

- Бул сенин апаңбы?
- Ооба, бул менин апам.
- Жок, бул менин апам эмес, бул Асандын апасы.


- Бул сенин досуңбу? ________________________
- Бул сенин күйөөңбү? ________________________
- Бул сенин аялыңбы? ________________________
- Бул сенин мугалимиңби? ____________________
- Бул сенин сүрөтүңбү?________________________

**6. Көнүгүү. Берилген сүйлөмдөрдү өткөн чакта жазгыла.**



Айнура гимнастика ойноп жатат.

Айша китеп окуп жатат.






Асан менен Үсөн бокс менен машыгып жатышат.

**7. Көнүгүү. Жоопторго суроо койгула.**

1. ____________________________ Бул менин мектебим.
2. ____________________________ Бул менин үйүм.
3. ____________________________ Бул менин институтум.
4. ____________________________ Бул менин досум.
5. ____________________________ Бул менин атам.

**8. Көнүгүү. Модель боюнча иштегиле.**

Модель: - Бул сенин аялыңбы?

- Жок, бул менин эжем.

1. Бул сенин күйөөңбү? _________________________
2. Бул сенин байкеңби?_________________________
3. Бул сенин апаңбы? _________________________
4. Бул сенин кызыңбы?_________________________
5. Бул сенин атаңбы? _________________________

**6. Кырдаалдар**

1. Сен классташыңа жолуктуң, анын үй-бүлөсү жөнүндө сура.
2. Сен досуңа жолуктуң, аны көп жылдан бери көрө элексиң, бири-бириңерге өзүңөр жөнүндө айткыла.
3. Сен курбуңа жолуктуң, өзүңдүн үй-бүлөң жөнүндө айтып бер.

## ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МАТЕРИАЛ К ПРАКТИЧЕСКИМ ЗАНЯТИЯМ ПО ТРЕТЬЕЙ ТЕМЕ.

### 2. СӨЗДӨРДҮ ЖАТТАГЫЛА
### 1. ЗАПОМНИТЕ НОВЫЕ СЛОВА

| | | |
|---|---|---|
| Кайыната | - | тесть, свекорь |
| кайынэне | - | теща, свекровь |
| кайынага | - | старший деверь |
| кайынэже | - | старшая золовка |
| кайни | - | младший деверь |
| кайынсиңди | - | младшая золовка (в обращении женщин) |
| балдыз | - | младшая золовка (в обращении мужчин) |
| аял | - | женщина |
| аялым | - | жена |
| күйөө | - | муж |
| бала | - | ребенок |
| уул | - | сын |
| улуу уул | - | старший сын |
| эркек бала | - | мальчик |
| кыз | - | девочка |

| | | |
|---|---|---|
| кызым | - | дочка |
| киши (адам) | - | человек |
| жезде | - | зять (муж сестры) |
| күйөө бала | - | зять (муж дочери) |
| жээн | - | племянник (ница) |
| жеңе | - | жена брата |
| небере | - | внук (-чка) |
| өкүл ата (апа) | - | посаженные отец (мать) |
| бажа | - | свояк |
| келин | - | невестка |
| куда | - | сват |
| кудагый | - | сваха |

## 2. СУРОО, ЖООПТУ ТҮЗГҮЛӨ
## 2. РЕЧЕВОЙ МАТЕРИАЛ ТЕМЫ

**Знакомясь, мы спрашиваем, нам отвечают:**

- Сенин үй-бүлөң барбы?
- Ооба, бар.
- Үй-бүлөң чоңбу же кичинеби?
- Чоң.
- Сенин үй-бүлөң канча кишиден турат?
- Менин үй-бүлөм төрт кишиден турат. Алар күйөөм, эки уулум жана мен.
- Күйөөң иштейби?
- Ооба, ал мугалим.
- Ал канча жашта?
- Ал кырк жашта.
- Уулдарың окуйбу же иштейби?
- Улуу уулум инженер, кичүү уулум сегизинчи класста окуйт.

- Бул ким? - Бул менин атам (апам, эжем, досум, курбум, классташым, сиңдим, иним, карындашым).

- Анын аты ким? - Анын аты Касым (Асель, Айгуль, Олег, Самат, Эркин)

- Ал канча жашта? - Ал элүү жашта (20, 18, 40, 30)

- Ал кайда жашайт? - Ал Бишкекте (Ысык-Көлдө, Нарында, айылда, тоодо, Киров көчөсүндө) жашайт.

## 3. СУРОО, ЖООПТОРДУ ЖАТТАГЫЛА
## 3. ВЫУЧИТЕ КОНСТРУКЦИИ ВОПРОСОВ И ОТВЕТОВ

Сенин атың ким?

Сенин фамилияң ким?

Сенин үй-бүлөң барбы?

Үй-бүлөң чоңбу же кичинеби?

Күйөөң
Аялың
Кызың
Балаң

кайда иштейт? канча жашта? кайда жашайт?

Менин үй-бүлөм чоң (кичине, орто, анча чоң эмес).

Менин үй-бүлөм жакшы (ынтымактуу).

Менин үй-бүлөм алыс жакта.

Менин

күйөөм
аялым
балам
кызым

заводдо, мектепте
ооруканада иштейт
институтта окуйт

Менин — күйөөм / аялым / балам / кызым — 45 (30, 25, 18) жашта

Менин — кызым / аялым — иштебейт.

## 4. ТЕКСТТЕРДИ ОКУП ҮЙРӨНГҮЛӨ
## 4. ПРОЧИТАЙТЕ ТЕКСТ ДЛЯ ИНФОРМАЦИИ

**а) Прочитайте соблюдая ударение.**

Менин атым Люда, фамилиям Назарова. Мен институтта мугалим болуп иштеймин. Менин улутум орус. Мен отуз жаштамын. Менин үй-бүлөм бар. Үй-бүлөм кичине, уулум, күйөөм, кайынэнем жана мен. Күйөөм инженер, кайынэнем иштебейт.

**б) Задайте вопросы к тексту.**

Бул үй-бүлөнү чоң жана бактылуу десек болот. Бул Азаматтын үй-бүлөсү. Бул үй-бүлөдө он эки адам жашайт. Алар: чоң ата, чоң апа, таята, таене – эмгек сиңирген пенсионерлер, атасы, апасы – экөө  тең экономист. Азаматтын агасы Турат – котормочу, Азаматтын эки эжеси бар, бирөө мугалим, бирөө доктор. Ал эми кичинекей бөбөктөрү – эгиз Асан, Үсөн. Азамат өзү окуучу. Бул үй-бүлө абдан ынтымактуу.

## 5. МАКАЛДАРДЫ ЖАТТАГЫЛА
## 5. ВЫУЧИТЕ ПОСЛОВИЦЫ

Эшигин көрүп, төрүнө өт,
Энесин көрүп, кызын ал.
Посмотрев на порог, войди в дом,
Посмотрев на мать, бери дочь в жены.
Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

Там, где дочь, там порядок и чистота.

Эненин көөнү балада,

Баланын көөнү талаада.

Матка про детки, а детки про щепки.

| **6.ДИАЛОГ** | **6. ДИАЛОГ** |
|---|---|
| - Бул үй-бүлө кандай? | - Это какая семья? |
| - Бул үй-бүлө чоң жана ынтымактуу. | - Эта семья большая и дружная. |
| - Бул үй-бүлөдө канча адам жашайт? | - Сколько человек проживает в этой семье? |
| - Бул үй-бүлөдө он эки адам жашайт. | - В этой семье проживает двенадцать человек. |
| - Бул үй-бүлөдө кары кишилер барбы? | - В этой семье есть пожилые? |
| - Ооба, бар. | - Да, есть |
| - Бул үй-бүлө үлгүлүүбү? | - Это образцовая семья? |
| - Ооба, бул үлгүлүү үй-бүлө. | - Да, это образцовая семья. |



# IV.

# Кыргызстан боюнча саякат.
# Путешествие по Кыргызстану.



## КИРИШ СӨЗ

Орус тилдүү студенттерге мамлекеттик тилди үйрөтүүдө башкы көйгөй болуп грамматиканы жана орфографияны гана үйрөтүү менен чектелбей, эң биринчиден аларды моралдык жана руханий байлыкка тарбиялоо, ошондой эле өздөрү жашаган өлкөнүн маданиятын, жашоо- турмушун сүйүүгө жана урматтооого тартуу максатын көздөйт.

Саякаттоо - бул бир гана көңүл ачуу эмес. Бул сен билбеген башка дүйнө менен таанышуу жана сен сүйүп жашаган жер менен жакын жолугушуу болуп саналат. Саякат уччурунда силер ар башка улуттагы элдер менен таанышасыңар, ал элдердин маданияты, каада-салттары, үрп-адаттары тууралуу билесиңер. Өз Мекениңердин жетишкендиктери, сулуулугу жана байлыгы жөнүндө айтып бересиңер. Ушундан улам мен улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун Мекен тууралуу төмөнкүдөй сөзүн эстеймин:

“Мен өз айылым Шекерге көп барып турам, кокустан мен ал жакка көпкө бара албай калсам, жан дүйнөмдүн түйшөлгөндүгүн сезем. Менин Мекеним – Шекер айылы”.

## ПРЕДИСЛОВИЕ

Главной проблемой обучения государственного языка для студентов русскоязычной аудитории, является не только изучение грамматики и орфографии, а прежде всего воспитание в них морального и духовного богатства, цель привить любовь и уважение к культуре, быту, стране в которой они живут.

Путешествие – это не только развлечение. Это знакомство с миром, которого ты не знаешь, это встреча с землей, на которой ты живешь и которую ты любишь.

Во время путешествия вы познакомитесь с людьми разных национальностей, узнаете культуру, традиции, обычаи этих народов, делитесь впечатлениями, рассказываете о достижениях, красоте и богатстве своей Родины. И, мне невольно вспоминаются слова великого писателя Чынгыза Айтматова: «Я часто бываю в своем аиле Шекер, но если случается так, что не могу приехать туда, некоторе время, в душе моей становится тревожно. Моя Родина – Шекер айылы».

| БИРИНЧИ САБАК<br>1 (бир) | ПЕРВЫЙ УРОК<br>1 (один) |
|---|---|

**ТЕМА: САЯКАТ ПУТЕШЕСТВИЕ**

«Туулган жердин күнү да ысык, түнү да ысык»

«Туулган жердин топурагы алтын»

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Давать общую характеристику города;

= Уметь купить билеты, и ориентироваться в расписании;

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Лексику по теме;

= Знать описание, расположение города;

= Выражение определительных значений при помощи конструкций (сары, кызыл, чоң, кичине)

= Выражение сравнительной степени прилагательных.



## 1. Фонетикалык көнүгүү

# Оо

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тоо | коо | зоо | жоо | доо | боо | соо | ооз |
| тоодак | коон | зоока | жоолук | доор | боор | соолук | ооздук |

от – тоо          оз – ооз          бо – боо

ор – оор          бор – боор          жон – жоон

чо – чоор          кон – коон          ок – коо

**3. Тапшырма.** Жазгыла, которгула.

чоң – кичине          ток – төөк

жоош – кыйын          жолук – жоолук

токтоо – шыпылдак          оку – окуу

**4. Тапшырма.** Кашаадагы сөздөрдү колдонуп, суроолорго жооп бергенге аракет кылгыла.

Модель: - Сен кайда бара жатасың?

- Мен саякатка бара жатам.

(Дүкөн, базар, дарыкана, китепкана, шаар)

- Сен эмне менен барасың?

- Мен машина менен барам.

(Самолет, поезд, такси, ат, автобус)

- Сен ким менен барасың?

- Мен досум менен барам.

(Атам, апам, эжем, коллегам)

## 2. Жаңы сөздөр

**5. Тапшырма** Уккула, кайталагыла.

темир жол вокзалы - железнодорожный вокзал

аялдама - остановка

түз - прямо

солго - налево

бурул - поверни

кичипейилдикке - будьте добры

сөссүз - обязательно

аянычтуу - сожалею

балким - может быть

шаштыңыз - спешите

жеткир - довези

тынчсызданбаңыз - не беспокойтесь

## 3. Диалогдор

**6. Тапшырма.** Диалогдорду кунт коюп окугула, ойноткула



- Кечиресиз, поездге билет кайдан сатылат?
- Билет темир жол вокзалынын кассасында сатылат.
- Вокзалга кантип барсам болот?
- Эки аялдама басыңыз, сол жакка бурулуңуз, касса ошол жерде.
- Сизге чоң рахмат.



- Кичипейилдикке, мага Ошко эки билет берип коюңузчу.
- Бүгүнкүгө билет жок.
- Мен сөссүз Ошто болушум керек.
- Аянычтуу, балким самолетко билет аларсыз.

- Такси, такси!

- Мынча шаштыңыз.

- Мени аэропортко жеткириңиз. Мен сөссүз Ошко учушум керек.

- Тынчсызданбаңыз. Бир жарым саатта аэропортто болосуз.

## 4. Грамматика

Прилагательные в кыргызском языке выступают в предложении обычно или в роли определения, или в роли сказуемого. Если они выступают в роли определения, то в предложении они ставятся в конце предложения. В кыргызском языке прилагательные образуются от различных частей речи при помощи словообразовательных аффиксов.

## 5. Көнүгүүлөр

а) Образование прилагательных от аффиксов **– луу (-лүү, -дуу -дүү, -туу -түү)**

| | |
|---|---|
| Тоо – тоолуу | кыз - кыздуу |
| Эне – энелүү | таш - таштуу |

б) Аффикс **–сыз (-сиз, -суз, -сүз)** является антонимом и означает отсутствие признака или предмета.

в) Аффиксы –ыраак (-ирээк, -ураак, -үрөөк) или –раак (-рээк, -роок) образуют сравнительную степень прилагательных.

Бул чоң шаар, бул чоңураак шаар. Бул кичине карта, бул кичирээк карта.

**1. Көнүгүү. Берилген сөздөр менен сүйлөм түзгүлө.**

Модель: Кыргызстан тоолуу өлкө.

Тоолуу, балалуу, акылдуу, көңүлдүү, кызыктуу

**2. Көнүгүү. Окугула, которгула.**

| | | |
|---|---|---|
| Бала - баласыз | эне – энесиз | көңүл – көңүлсүз |

Кызык – кызыксыз                таш – ташсыз                тоо – тоосуз

**3. Көнүгүү.     Берилген сөз айкаштар менен сүйлөм түзгүлө**

Көңүлсүз  аңгеме, кызыксыз  саякат, ташсыз  жер, энесиз бала.

**4. Көнүгүү.     Берилген сөздөрдөн салыштырма сын атоочторду жасагыла**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кооз | бийик | сулуу | калың |
| Бай | күчтүү | чоң | оор |

## 6. Кырдаалдар

1. Сен поездге билет сатып алышың керек. Касса кайда экенин сура.
2. Сен самолетко кечигип жатасың, таксини токтот.



| ЭКИНЧИ САБАК<br>2 (эки) | ВТОРОЙ УРОК<br>2 (два) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь объяснять и определять цель поездки;

= Уметь общаться с соседями по купе в поезде, в салоне самолета, вести этикетный разговор

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Предложения. Виды предложений;

= Лексику по теме;

= Этикет общения с сотрудниками бюро, транспортного агентства.



**1. Фонетикалык көнүгүү**

# Кк

**1. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Кайда – кэдде | кыш – кеч | кон – көн |
| Качан – кечээ | кыз – кес | кол – көл |
| Кандай – кенен | кул – күл | кор – көр |

**2. Тапшырма.** Жазгыла, окугула, которгула

| | | |
|---|---|---|
| кайда – кайдан | кантип? | качан? |
| канча – канчанчы | ким – ким менен? | эмне – эмне менен? |
| кайсы? | | |

**3. Тапшырма.** Суроолорго жооп бергиле.

| | | |
|---|---|---|
| кайда барасың? | Китеп канча турат? | Бул ким? |
| кайдан келе жатасың? | Бул эмне? | |

**2. Жаңы сөздөр**

**4. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Жаңы | - | новый (ая, ое) |
| сөз | - | слово |
| уч | - | лети |
| жөн жай эле | - | просто так |
| узак | - | долгий (ая, ое) |
| кубаныч | - | радость |
| чогуу | - | вместе |
| кооз | - | красивый (ая, ое) |
| байкадыңбы | - | заметил (а) |
| кагылайын | - | дорогой (ая, ое) |

| | | |
|---|---|---|
| жакшы көрөсүңбү | - | тебе нравится, ты любишь |
| бириккиле | - | объединитесь |
| биримдик | - | единство |

## 3. Диалогдор

**5. Тапшырма.** Диалог боюнча ойногула.

- Саламатсыңбы, Марат, кайдан?
- Жаңы эле Оштон учуп келдим.
- Жөн жай элеби?
- Ошко конференцияга баргам.
- Аба-ырайы кандай экен?
- Ал жакта абдан жылуу.



- Жол узак. Таанышып алалы.
- Менин атым Александр.
- Менин атым Айбек.
- Мен саякатты жакшы көрөм, азыр Москвага бара жатам.
- Мен кубанычтамын, чогуу барат экенбиз.
- Мен дагы саякатчымын.

- Майкл, сен Кыргызстанда болдуң беле?
- Жок мен Кыргызстанда болгон жокмун, бирок ал өлкөнү абдан көргүм келет.
- Сен Кыргызстандын эмнесине кызыгасың?
- Мен Кыргызстан жөнүндө көп окудум, ал өлкөдө көп улуттар жашайт экен, алардын салттарын, жеринин кооздугун, майрамдарын көргүм келет.

## 4. Грамматика

В кыргызском языке как и в русском **жөнөкөй сүйлөм – простые предложения** делятся на **нераспространенные – жалаң сүйлөм** (т.е. состоят из подлежащего и сказуемого) или в составе бывают только главные члены предложения.

Например: Машина токтоду. Студент ырдады.

А также **распространенные – жайылма сүйлөм** (т.е. в своем составе имеют второстепенные члены предложения).

Например: Мен саякатты жакшы көрөм. Мен биринчи курстун студентимин.

По наличию или отсутствию членов предложения простые предложения делятся на **полные – толук сүйлөм** или **неполные – кемтик сүйлөм**.

Например: - Атың ким? (толук сүйлөм)

- Жапар. (кемтик сүйлөм)

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Сүйлөмдөрдү окугула, толук жана кемтик сүйлөмдөрдү аныктагыла.**

- Фамилияң ким?

- Айтикеев.

- Тарткан сүрөтүң барбы?

- Бар.

- Биздин шаар эң жакшы жана чоң болот, ээ апа?

- Ооба чоң болот.

**2. Көнүгүү.** **Текстти окугула, кемтик сүйлөмдөрдү тапкыла.**

- Токто, аксакал. Бир нерсе байкадыңызбы?
- Эмне кагылайын?
- Биз бир эле көчөнү кыдырып жүрөбүз.
- Койчу?!
- Ырас.
- Эй! Сен кимдин баласысың?
- Апамдын.
- Апаңдын аты ким?
- Дудар.

**3. Көнүгүү.** **Текстти окугула, толук сүйлөмдү бир сызык менен, кемтик сүйлөмдү эки сызык менен чийгиле.**

- Саякатты жакшы көрөсүзбү?
- Ооба.
- Механиктер курсунанбы? – деди Асан таң калып.
- Ооба.
- Баардык факультеттер бириккиле! – деп жазалык.
- Туура.
- Биримдикте гана бир нерсени жеңе алабыз. Кандай дейсиң, Зуураш?
- Мен макулмун.

## 6. Кырдаалдар

1. Көчөдө досуңа жолуктуң. Сен башка шаарга саякатка кетип жатасың. Эмне себептен баратканың жөнүндө айтып бер.
2. Сен поездге бара жатасың, кошуналарың менен тааныш.

| ҮЧҮНЧҮ САБАК 3 (үч) | ТРЕТИЙ УРОК 3 (три) |
|---|---|

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ УМЕТЬ:

= Уметь задать вопросы о путешествии и ответить на них;

= Уметь рассказать о событиях в дороге;

= Уметь описать природу;

ЧТО ВЫ ДОЛЖНЫ ЗНАТЬ;

= Назывные, безличные предложения;

= Лексику по теме;

= Информацию о республике;

**2. Тапшырма.** Тилиңерди жатыктыргыла.

- Аэропорт кайсы жерде?
- Аэропорт шаардан алыс.
- Вокзал кайсы жерде?
- Вокзал шаардын ортосунда.
- Бул кандай шаар?
- Бул абдан кооз шаар.
- Кечиресиз, билет кайдан сатылат?
- Билет кассада сатылат.

**2. Жаңы сөздөр**

**3. Тапшырма.** Уккула, кайталагыла

| | | |
|---|---|---|
| Түрдүү дары өсүмдүктөр | - | различные лекарственные травы |
| агын суулар | - | стремительные реки |
| кен (дер) | - | полезные ископаемые |

| | | |
|---|---|---|
| өлкө | - | страна |
| кооз / сулуу | - | красивый (ая, ое) |
| суктанса болот | - | можно любоваться |
| дары суу | - | лекарственная вода |

## 3. Диалогдор

**4. Тапшырма.** Диалогдорду кунт коюп окугула, ойноткула.

- Бул телеграмма кайдан келди?
- Эсиңдеби, менин Москвада досум бар эмес беле?
- Кайсы, Андрейби же Майклбы?
- Майкл. Ал эртең келет экен.
- Кандай жакшы, келсе биздин өлкөнү көрсөтөлү.
- Ооба, ага эң кооз жерлерди көрсөтөм.

- Майкл, таанышып кой, бул менин аялым.
- Биздин шаарга кош келиңиз. Менин атым Асыл.
- Кубанычтуумун! Эң жакшы! Шаар абдан кооз экен.

- Билесиңби Марат, мен китеп жазгым келет, мүмкүн болсо айтып берсең Кыргызстан кандай республика, жаратылышы кандай, тоолордо эмне бар, курорт, санаторийлер барбы?
- Биздин республикада 80ден ашык улуттар жашайт. Жаратылышы абдан кооз, тоолордон алтын, мрамор, темир алынат. Биздин өлкөдө өзгөчө курорттор жана санаторийлер абдан көп.

## 4. Грамматика

В кыргызском языке как и в русском есть **называные предложения – атама сүйлөм, безличные предложения – ээсиз сүйлөм.**

Атама сүйлөмдөр: Эрте күз. Жаз. Алмалуу бак.

Ээсиз сүйлөмдөр: Ишенүүгө болобу? Кеч кирип баратат.

## 5. Көнүгүүлөр

**1. Көнүгүү. Сүйлөмдөрдү жазгыла, атама сүйлөмдү бир сызык менен, ээсиз сүйлөмдөрдү эки сызык менен астын чийгиле.**

1. Күн батты.
2. Кыш келди.
3. Бак-дарактардын жалбырактары күбүлүп түшө баштаган.
4. Бактардын ачкычы эмгек.
5. Мекениңди сүй!
6. Мурат - кичипейил бала.

**2. Көнүгүү. Көчүрүп жазгыла, атама сүйлөмдөрдү тапкыла**

1. Ысык-Көл – эс алуучу жай.
2. Июнь айы.
3. Кыш.
4. Тоонун этеги абдан кооз.
5. Кирүүгө мүмкүнбү?

**3. Көнүгүү. Окугула. Сүйлөмдүн аягына тиешелүү тыныш белги койгула.**

Саякатта жүрүп көп кооз жерлерди көрсө болот.

Сен саякатка кайсы мезгилде барганды жакшы көрөсүң?

Деги сен саякатка бардың беле?

Карачы, жайлоонун коолдугун!

Ах, чиркин, жер эмес бекен!

**4. Көнүгүү. Окугула, ээсиз сүйлөмдөрдү тапкыла.**

- Жогоруда айткандай, азыр саякатка барууга мүмкүнбү?
- Жок, мүмкүн эмес.
- Эмне үчүн?
- Ээ, досум, азыр айлана тынч эмес.

**6. Кырдаалдар**

1. Сен поездден кошунаң менен сүйлөшүп, көргөн жерлериң жөнүндө айт.
2. Сен Америкага үйүңө кат жаздың. Кыргызстандын сулуулугу жөнүндө айт.

## ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЙ МАТЕРИАЛ К ПРАКТИЧЕСКИМ ЗАНЯТИЯМ ПО ЧЕТВЕРТОЙ ТЕМЕ.

### 1. СӨЗДӨРДҮ ЖАТТАГЫЛА

### 1. ЗАПОМНИТЕ НОВЫЕ СЛОВА

| | | |
|---|---|---|
| Саякатчы | - | путешественник |
| жүргүнчү | - | пассажир |
| мейманкана | - | гостиница |
| жол жүрүү | - | идти в дорогу |
| жөө жүрүү | - | идти пешком |
| машина менен жүрүү | - | ехать на машине |

| | | |
|---|---|---|
| унаа менен жүрүү | - | передвигаться на животных |
| поезд менен жүрүү | - | ехать на поезде |
| самолет менен учуу | - | лететь на самолете |
| кеме менен сүзүү | - | плыть на корабле |
| кайык менен сүзүү | - | плыть на лодке |
| учкуч | - | летчик |
| жолдо калуу | - | остаться на дороге |
| көңүл ачуу | - | веселиться |
| жер көрүү (шаар, айыл, район) | - | увидеть земли (города, села, районы) |
| жер (шаар, айыл, район) менен таанышуу | - | знакомиться с землями (городом, селами, районами) |
| бүт түстөр (кара, ак, кызыл, жашыл…) | - | все цвета (черный, белый, красный, зеленый…) |
| кандай кооз жерлер | - | какие красивые места |
| жакшы шаарлар | - | хорошие города |
| кызыктуу окуялар | - | интересные истории |
| алыс тоолор | - | далекие горы |
| жакын айылдар | - | близкие деревни |
| жолугушуулар | - | встречи |
| кыйынчылыктар | - | трудности |
| каршылык / тар | - | преграда / ы |
| сагынуу | - | скучать |
| чоң-кичине | - | большой-маленький |
| сулуу – сулуу эмес | - | красивый – некрасивый |
| кыйын | - | смелый |
| коркок | - | трусливый |
| сүйлөөк | - | болтливый |
| жоош-тынч | - | спокойный, медлительный |
| шашма | - | торопливый |
| шыпылдак | - | шустрый |

| | | |
|---|---|---|
| түрдүү дары өсүмдүктөр | - | различные лекарственные травы |
| агын суулар | - | стремительные реки |
| кен (дер) | - | полезные ископаемые |
| жаратылыш | - | природа |
| кооз | - | красивый |
| суктанса болот | - | можно любоваться |
| дары суулар | - | лекарственные воды |
| сыяктуу | - | подобный |

## 2. САЯКАТ ЖӨНҮНДӨ СУРАП ЖАНА ЖООП БЕРЕБИЗ
## 2. СПРАШИВАЯ ИЛИ ОТВЕЧАЯ НА ВОПРОС О ПУТЕШЕСТВИИ, МЫ ГОВОРИМ:

| | |
|---|---|
| - Сен кайсы мезгилде саякатка барганды жакшы көрөсүң? | - Саякатка жай (жаз, күз, кыш) мезгилинде барганды жакшы көрөм. |
| - Саякатка кайсы жерден кетет? | - Саякатка темир жол вокзалынан (автобекеттен, аэропорттон) кетет. |
| - Бишкекте мейманканалар барбы? | - Ооба, биздин шаарда «Ысык-Көл, «Ала-Тоо», «Пишпек», «Саякат», «Достук» деген мейманканалар бар. |

## 3. ТЕКСТТЕРДИ ОКУП ҮЙРӨНГҮЛӨ
## 3. ПРОЧИТАЙТЕ ТЕКСТ ДЛЯ ИНФОРМАЦИИ

### Поезд менен саякат жасоо

Вокзал (темир жол вокзалы) Бишкек шаарында экөө. Бирөө шаардын ортосунда. Ал вокзалга Совет көчөсү менен жүргөн машиналар, автобустар, троллейбустар барат. Вокзалдан ар тарапка поезддер кетет. Билетти ошол жерден кассадан алса болот. Вокзалда күтүүчү жай, аманат жайлары да бар.



**Самолет менен саякат жасоо**

Бишкек шаарында бир аэропорт бар. Ал шаардын четинде, Манас айылында жайгашкан. Шаардан аэропортко чейин эки сааттык жол. Алыс шаарларга самолет менен саякат жасоо эң кызыктуу.



## 4. ТЕКСТТИ ОКУГУЛА, КОТОРГУЛА, ТЕКСТКЕ ТЕМА КОЙГУЛА

## 4. ПРОЧИТАЙТЕ ТЕКСТ, ПЕРЕВЕДИТЕ. ОЗАГЛАВЬТЕ ТЕКСТ.

Кыргызстан биздин өлкө. Кыргызстандын жаратылышы бай жана кооз. Анын тоолорунда пайдалуу өсүмдүктөр, агын суулар көп. Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Сары-Челек сыяктуу көлдөрү бар. Кыргыз Ала-Тоолорунда токойлор көп. Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак сыяктуу кендери бар. Ысык-Ата, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Жети-Өгүз аттуу курорттору жана санаторийлери бар.



## 5.ДИАЛОГДОР

## 5. ДИАЛОГИ

Бишкекте аэропорт барбы? - Ооба, аэропорт бар.

Аэропорт кайсы жерде? - Аэропорт Манас айылынын жанында

Аэропортко эмне менен барса болот? – Аэропортко өзүнчө унаалар жүрөт.

Сиз саякатты жакшы көрөсүзбү? – Албетте, жакшы көрөм.

Сиз кайсы шаарды билесиз? – Мен көп шаарларды билем.

- Мейманканага кандай барса болот?
- Мен 15-автобуска, 5-троллейбуска, машинага түшүп барам.
- Мейманканага кантип жайгашса болот?
- Мейманканага паспорт менен жайгашат.

- Автобекетке кандай барса болот?
- Автобекетке автобус, троллейбус такси менен барса болот.
- Аэропорт кайсы жерде?
- Аэропорт шаардан алыс.
- Вокзал кайсы жерде?
- Вокзал (темир жол вокзалы) жакын эле, ал жакка (2,3) автобус менен барса болот.

- Москвага чейин самолет канча учат?
- 6 саат.
- Москвага чейин билет канча турат?
- Билет азыр өтө кымбат.
- Бишкек-Москва деген самолет учабы?
- Учат.
- Купелүү билет менен жөн билеттин айырмасы барбы?

- Албетте, купелүү билет кымбатыраак.

- Билетти кассадан сатат.